Кирг 2 1/34

КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН, КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТИК ПАРТИЯСЫНЫН БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН

САЛТАНАТТУУ КОШМО ЖЫЙЫНЫ

СТЕНОГРАММАЛЫК ОТЧЕТ

15 ЯНВАРЬ 1947 ЖЫЛ

ОБЪЕДИНЕННОЕ ТОРЖЕСТВЕННОЕ ЗАСЕДАНИЕ

ВЕРХОВНОГО СОВЕТА КИРГИЗСКОЙ ССР, СОВЕТА МИНИСТРОВ КИРГИЗСКОЙ ССР И ЦЕНТРАЛЬНОГО КОМИТЕТА КОММУНИСТИЧЕСКОЙ ПАРТИИ КИРГИЗИИ

СТЕНОГРАФИЧЕСКИЙ ОТЧЕТ

15 ЯНВАРЯ 1947 ГОДА

Кирг $\frac{1}{34}$

Кирг 1/34

Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!

КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН, КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН

САЛТАНАТТУУ КОШМО ЗАСЕДАНИЕСИ

СТЕНОГРАФИЯЛЫК ОТЧЁТ

15-январь 1957-жыл

КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН БАСТЫРУУСУ
Фрунзе—1957

Государств. публичная
историческая
библиотека РСФСР

1241005 V

КЫРГЫЗСТАН КП БОРБОРДУК КОМИТЕТИНЕ, КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНЕ

КПСС Борбордук Комитети жана ССР Союзунун Министрлер Совети Кыргыз ССРнин пахтачылары КПССтин XX съездинин айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүү жөнүндөгү чечимдерин орундатуу боюнча бир кыйла иштерди аткарышкандыгын, пахтадан мол түшүм өстүрүшүп жана мамлекетке пахта тапшыруунун жылдык планын мөөнөтүнөн мурда орундатышкандыктарын канааттануу менен белгилешет. Даярдоо пункттарына 145 миң тонна пахта, же болбосо өткөн жылдын ушул мезгилинен 29 миң тонна пахта көп тапшырылды.

КПСС Борбордук Комитети жана ССР Союзунун Министрлер Совети Кыргыз ССРнин колхозчуларын, колхозчу аялдарын, МТСтер менен совхоздорунун жумушчуларын, айыл чарбасынын адистерин, партиялык, советтик жана айыл чарба кызматкерлерин жетишилген ийгиликтер менен куттукташат жана алар КПССтин XX съездинин пахта жана башка айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү мындан ары көбөйтүү боюнча чечимдерин аткаруунун үстүндө мындан ары да зор туруктуулук менен иштешет, деп ишенгендиктерин билдиришет.

КПСС
Борбордук Комитети

ССР Союзунун
Министрлер Совети

„Советтик Кыргызстан" газетасы
27-ноябрь 1956-жыл.

КЫРГЫЗСТАН КП БОРБОРДУК КОМИТЕТИНЕ КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНЕ

Кыргыз ССРнин колхозчулары жана колхозчу аялдары, совхоздорунун жана МТСтеринин жумушчулары, айыл чарба адистери, партиялык жана комсомолдук уюмдары, советтик жана айыл чарба органдары айыл чарба продуктыларын жана сырьёлорду өндүрүүнү көбөйтүү боюнча бир кыйла иштерди иштегендигин КПСС Борбордук Комитети жана ССР Союзунун Министрлер Совети канаат-тануу менен белгилешет. Республиканын колхоздору менен совхоздорунда дан өсүмдүктөрүнөн, кант кызылчасынан жана пахтадан жакшы түшүм өстүрүлдү, сүт саап алуу жана койдон жүн кыркып алуу көбөйтүлдү. 1956-жылы айыл чарба продуктылары менен сырьёлорду даярдоо жана сатуу пландарын Кыргыз ССРи ийгиликтүү орундатты. Республикада эгин, кант кызылчасын, жашылча, жемиш, эт, жүн даярдоонун пландары мөөнөтүнөн мурда аткарылды, пахта даярдоо да аяктап келе жатат.

КПСС Борбордук Комитети жана СССР Министрлер Совети Кыргыз ССРнин колхозчуларын жана колхозчу аялдарын, совхоздору менен МТСтердин жумушчуларын, айыл чарба адистерин, партиялык, советтик, айыл чарба жана комсомолдук кызматкерлерин, бардык эмгекчилерин айыл чарба продук-

тыларын өндүрүүдө жана даярдоодо жетишкен ийгиликтери менен куттукташат жана эгин, эт, сүт, жүн, пахта жана башка айыл чарба продуктыларын көбөйтүү боюнча КПССтин XX съездйнин чечимдерин иш жүзүнө ашыруу үчүн алар мындан ары да туруктуулук менен иш жүргүзүшөт, деп бекем ишенгендиктерин билдиришет.

КПСС
Бордордук Комитети

ССР Союзунун
Министрлер Совети

„Советтик Кыргызстан" газетасы
7-ноябрь 1956-жыл.

КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫН ЛЕНИН ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Кыргыз ССРнин колхоздору жана совхоздору республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүдө бир кыйла ийгиликтерге жетишти. 1956-жылы өткөн жылга караганда кант кызылчасы 395 миң тонна көп даярдалды, ар бир гектар аянттан 374 центнерден түшүм алынган. Пахта даярдоонун мамлекеттик планы ашыгы менен орундалды, ар бир гектардан 20,7 центнерден же 1955-жылга караганда 3,6 центнерден көп пахта жыйналып алынды.

Республиканын колхоздорунда жана совхоздорунда мал чарба продуктыларын өндүрүү да өстү, бул болсо акыркы жылдарда мамлекетке жүн, сүт жана эт тапшырууну жана сатууну көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Колхозчулар жана колхозчу аялдар, МТСтердин жана совхоздордун кызматкерлери, айыл чарбасынын адистери, партиялык жана советтик кызматкерлер кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүдө жетишкен ийгиликтери үчүн жана 1956-жылы айыл чарба продуктыларын даярдоонун мамлекеттик планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Ленин ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун
Председатели К. ВОРОШИЛОВ.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун
Секретары А. ГОРКИН.

Москва, Кремль.
11-январь 1957-жыл.

КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН, КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН

салтанаттуу кошмо заседаниеси

КПСС Борбордук Комитетинин Биринчи Секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү жолдош Н. С. ХРУЩЕВ Президиумдун столунан көрүнгөндө заседаниеге катышуучулар дүркүрөгөн овация менен тосуп алышты.

Президиумдун составында Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин мүчөлөрү: М. Абдыкулов, К. Дикамбаев, К. Кондучалова, Т. Кулатов, В. Н. Остаплюк, И. Р. Раззаков, А. Сүйөркулов, В. Н. Чуркин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председателинин орунбасары Н. Г. Нарожный, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председателинин биринчи орунбасары В. Ф. Степкин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председателинин орунбасары Н. П. Гордеев, Кыргыз ССРнин суу чарба министри Б. Мамбетов, Кыргыз ССРнин айыл чарба министри Т. Искаков, Кыргыз ССРнин социалдык камсыздоо министри Б. Салиева, Кыргызстан КП Тянь-Шань обкомунун биринчи секретары М. Исаев, Кыргызстан КП Жалал-Абад обкомунун биринчи секретары Т. Б. Балтагулов Кыргызстан КП Ысык-Көл обкомунун экинчи секретары В. М. Беляев, Кыргызстан КП Ош обкомунун экинчи секретары У. Абдыгулов, Кыргызстан КП Фрунзе шаардык Комитетинин секретары И. И. Иванов, Ош областтык Советинин аткаруу комитетинин председатели Р. Медетбеков, Фрунзе областтык Советинин аткаруу комитетинин председатели Ш. Иманалиев, Тянь-Шань областтык Советинин аткаруу комитетинин Председатели С. Айтбаев жана Фрунзе шаардык Советинин аткаруу

комитетинин председатели А. Жаркымбаев жолдоштор жана бир тууган республикалардын делегацияларынын жетекчилери. Партиялык жана советтик уюмдардын жетекчилери менен бирге Президиумда өнөр жай ишканаларынын өкүлдөрү жана колхоз талааларында даңкы чыккан алдыңкы эмгекчилердин өкүлдөрү.

Салтанаттуу заседанини Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели жолдош **А. Сүйөркулов** ачат.

А. Сүйөркулов. Жолдош депутаттар, Өкмөттүн мүчөлөрү, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөлөрү, кымбаттуу коноктор! Жогорку Советтин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин бул заседанието кыргыз элинин турмушундагы даңктуу окуяга—Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Совет Мамлекетинин жогорку сыйлыгы — *ЛЕНИН* ордени менен сыйлангандыгына арналып олтурат. *(Узакка созулган кол чабуулар).*

Биздин республиканын Ленин ордени менен сыйлангандыгы жөнүндөгү кубанычтуу кабар бийик тоолуу Тянь-Шандын, Ысык-Көлдүн жээктеринин, жери асыл Чүй өрөөнүнүн, Фергана кырка тоосунун этектеринин шаарлары менен селолоруна заматта таркады. Бул кабар кыргыз элин жана Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилерин эбегейсиз зор кубанычка жана биздин партиянын XX съездинин улуу программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн күрөштүн алгачкы жеңиштүү жыйынтыктары үчүн сыймыкка батырды.

Кымбаттуу жолдоштор! Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин, Министрлер Советинин, республиканын Жогорку Советинин Президиумунун атынан сиздерди — Советтик Кыргызстандын жумушчуларын, колхозчуларын, совхоздор менен МТСтердин кызматкерлерин, айыл чарбасынын адистерин, интеллигенцияны, бардык эмгекчилерди жогорку Өкмөттүк сыйлыгыңыздар менен, биздин республикабызга тийип олтурган Ленин ордени менен чын жүрөктөн ысык куттуктоого уруксат этиниздер. *(Кол чабуулар).*

Социалисттик Родинанын жыргалчылыгы үчүн кыргыз элинин колдон келген эмгегине көңүл буруп, аны жогору баалагандыктары үчүн биздин партияга, анын лениндик Борбордук Комитетине, бир тууган Совет Өкмөтүнө Кыргызстан Комму-

нисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, республиканын Жогорку Советинин жана Министрлер Советинин атынан, Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин атынан терең алкышыбызды жана эң зор ыраазылыгыбызды билдирүүгө руксат этиңиздер. *(Дүркүрөгөн кол чабуулар)*. Бул жогорку сыйдык биздин республиканын эмгекчилеринин жүрөгүнө чыгармачылык жаңы күчтөрдү жана социалисттик экономика менен маданиятты мындан ары жогорулатуу үчүн, мал чарба продуктыларын, эгин, кант кызылчасын, пахта жана башка айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү кыйшаюусуз көбөйтүү үчүн каармандык күрөш жүргүзүүгө кайрат берет.

Биздин республикага Ленин орденин тапшыруу үчүн КПСС Борбордук Комитетинин Биринчи Секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү, биздин бардыгыбыз урматтаган Никита Сергеевич Хрущев бизге келип олтургандыгына биз эки эсе кубанычтабыз. (*Дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулар, бардыгы орундарынан турушат).*

Жолдоштор, Сиздердин атыңыздардан, бүткүл кыргыз элинин атынан Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Президиумуна жана Никита Сергеевич Хрущевдун өзүнө чын жүрөктөн алкыш айтууга жана анын мыкты саламаттыкта болуп, биздин көп улуттуу социалисттик Родинабыздагы элдердин жыргалчылыгы үчүн узак жашоосун каалоого руксат этиңиздер. *(Узакка созулган кол чабуулар)*.

Кыргыз эли өзүнүн бардык ийгиликтери, эң сонун таалайлуу турмушу үчүн бир тууган Коммунисттик партияга милдеттүү, анын акылман жетекчилиги астында, улуу орус эли баш болгон Советтер Союзундагы бардык элдердин бир тууганлык туруктуу жардамы аркасында, мурда артта калган падышалык Россиянын чет жакасында болгон Кыргызстан гүлдөп жаткан социалисттик республикалардын бирине айланды.

Орденду Орто Азиядагы республикалардын жана Казакстандын эмгекчилеринин ийгиликтери, өзүнүн Коммунисттик партиясынын жана бир тууган Өкмөтүнүн жетекчилиги астында бүткүл совет эли биздин социалисттик Родинабыздын кубаттуулугун мындан ары чыңдоо боюнча жүргүзүп жаткан чыгармачылык улуу иштин составдык бөлүгү болуп саналат. Бул ийгиликтер — биздин партиянын лениндик улут саясатынын салтанатынын айкын-ачык жаңы далили болот.

Жолдоштор, биздин салтанаттуу заседаниеге бир тууган республикалардын элдеринин өкүлдөрү, Казак ССРнен — Казакстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош Яковлев жана Казак ССР Министрлер Советинин Председатели жолдош Кунаев, Өзбекстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Секретары Жолдош Абдуразаков баш болгон Өзбек Советтик Социалисттик Республикасынын делегациясы, Тажикстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин секретары жолдош Зарипова баш болгон Тажик ССРнин делегациясы катышып олтурушат.

Жолдоштор! Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин атынан, Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин атынан биздин бир тууган республикаларды — Казакстанды, Өзбекстанды, Тажикстанды жана Түркменстанды өкмөттүк жогорку сыйлыктары — Ленин орденине ээ болгондуктары менен ысык куттуктап, салам айтууга жана чарбалык, маданий курулушта жаңы, ого бетер зор ийгиликтерге алардын жетишүүлөрүн чын көңүлдөн каалоого уруксат этиңиздер. *(Кол чабуулар)*.

Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин, Кыргыз ССРнин Министрлер Советинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, жумушчулардын, колхозчулардын жана интеллигенциянын өкүлдөрү менен бирдикте Кыргыз ССРне өкмөттүк жогорку сыйлык — Ленин орденинин тапшырылышына арналган салтанаттуу кошмо заседаниени ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер.' (*Узакка созулган кол чабуулар. Оркестр Советтер Союзунун гимнин аткарат).*

Жолдоштор, биздин салтанаттуу заседаниебиздин Ардактуу президиумун шайлоо жөнүндө сунуш келип түштү. *(Кол чабуулар).*

Ардактуу президиумдун составы жөнүндө сунуш киргизүү үчүн Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Секретары жолдош Абдыкуловго сөз берилет.

М. Абдыкулов. Жолдоштор! Биздин салтанаттуу заседаниебиздин Ардактуу президиумуна — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Президиумун шайлоону сунуш кыламын *(Дүркүрөгөн кол чабуулар, кол*

чабуулар овацияга өтөт. Бардыгы орундарынан турушат), жолдош Булганинди (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Ворошиловду (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Кагановичти (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Кириченкону (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Маленковду (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Микоянды (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Молотовду (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Первухинди (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Сабуровду (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Сусловду (*дүркүрөгөн кол чабуулар*), жолдош Хрущевду (*дүркүрөгөн, узакка токтолбогон кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Сиздердин кол чабуунуздардан биздин салтанаттуу заседаниебиздин Ардактуу президиумунун составы бир добуштан кубатталды деп эсептөөгө уруксат этициздер. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү жолдош Никита Сергеевич Хрущевго сөз берилет. (*Дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулар, бардыгы орундарынан турушат*).

Н. С. Хрущев. Кымбаттуу жолдоштор! Сиздердин салтанаттуу заседаниециздерге катышып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун тапшырмасын орундатуу иретинде Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасына Ленин орденин тапшырып жаткандыгымды мен өзүм үчүн чоң ардак деп эсептеймин. Ал, бул орден менен жетишкен ийгиликтери үчүн сыйланган. Кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын колхозчуларынын жана колхозчу аялдарынын, МТСтер менен совхоздордун жумушчуларынын жана жумушчу аялдарынын, айыл чарба адистеринин, партиялык жана советтик кызматкерлердин кайраттуу эмгеги эң жогору бааланды. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Кыргыз ССРнин колхоздору жана совхоздору 1956-жылы кант кызылчасын 1955-жылга караганда 395 миң тонна көп даярдашты жана кызылчанын ар бир гектарынан 371 центнерден түшүм алышты. Пахта даярдоонун мамлекеттик планы ашыгы менен орундалды, ар бир гектардан 20,7 центнерден же болбосо 1955-жылга караганда 3,6 центнерден пахта ашык

жыйналып алынды. Республиканын колхоздорунда жана совхоздорунда мал чарба продуктыларын өндүрүү да өстү. Бул болсо кийинки жылдарда мамлекетке жүндү, сүттү жана этти тапшыруу жана сатуу иштерин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди.

Мындай эң мыкты жетишкендигиңиздер үчүн, республиканын жогорку сыйлык менен — Ленин ордени менен сыйлангандыгы үчүн сиздерди, сиздер аркылуу Кыргыз республикасынын бардык эмгекчилерин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, СССР Жогорку Советинин Президиумунун жана СССР Министрлер Советинин атынан жан дили менен ысык куттуктоого руксат этиңиздер. (*Дүркүрөгөн, узакка токтобогон кол чабуулар*).

Азыркы убакытта бир тууган башка республикалар, сиздердин коңшуңуздар—өзбектер, казактар, тажиктер, түркмендер, ошондой эле Россия Федерациясынын көп областтарынын эмгекчилери да сиздер сыяктуу эле зор кубанычты баштарынан өткөрүп жатышат. СССР Жогорку Советинин Президиуму республикаларды жана областтарды сыйлоо менен катар 100 минден ашык колхозчуларды жана колхозчу аялдарды, МТС-тердин жана совхоздордун кызматкерлерин, агрономдорду, зоотехниктерди, партиялык жана советтик органдардын жетекчилерин—өздөрүнүн эмгектери менен айыл чарбасын мындан ары да жогорулатууга, данды жана башка продуктыларды өндүрүүнү көбөйтүүгө жардам кылгандардын бардыгын ордендер жана медалдар менен сыйлады. Дың жерлерде иштешкен кызматкерлер менен катар пахтачылар да даңктуу иштешти, мында Орто Азия республикалары өздөрүн даңкка бөлөштү. Кант кызылчасын өндүрүүнү көбөйтүү боюнча да өткөн жылы сиздер жакшы иштединиздер.

Сиздердин республикаңыздарда өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болгондордун жана ошентип, Советтер Союзунун элдеринин ардактоосуна, жана кадырдоосуна жетишкендердин бардыгын куттуктоого жана сиздерге жаңы ийгиликтерди каалоого мага уруксат этиңиздер. (*Кол чабуулар*).

Мол түшүмдү камсыз кылышкан жана сыйлыкты алышкан адамдар гана баатырлар болот деп ойлоо натура болор эле. Албетте, мындай адамдар менен биз сыймыктанабыз, бирок алар мол түшүм үчүн күрөшкө катышкан эмгекчилердин бир аз гана бөлүгүн түзөт. Ошондуктан сыйланбаган менен да

республиканын ийгиликтеринде эмгектеринин чоң үлүшү болгон, жетишилген натыйжаларга өздөрүнүн салымын киргизишкен адамдар жөнүндө да сөз кылбай коюу натура болор эле деп мен эсептеймин. Демек, биз, ак ниеттүү иштегендердин жана социалисттик чарбабызды жогорулатуунун жалпы ишине өздөрүнүн эмгектерин жумшагандардын бардыгына алкыш айтууга тийишпиз. Республиканын Ленин ордени менен сыйлангандыгы ушул эмгекчилердин сыйлангандыгы да болуп эсептелет. *(Дүркүрөгөн кол чабуулар)*.

Кыргыз эли Орто Азиянын башка элдери сыяктуу эле чоң жана кыйын тарыхый жолду басып өттү. Мурда ал артта калган сабатсыз жана жакыр эл болгон. Помещиктер менен капиталисттер эмгекчи элди райымсыздык менен эзишкен. Эски убакытта ушундай болгон, жолдоштор. Ал эми бул республикалар советтик түзүлүштүн шарттарында кандайча өзгөргөндүгүн карап көрүңүздөрчү! Совет бийлигинин 39 жылы ичинде Кыргызстан Орто Азиянын советтик бардык республикалары сыяктуу эле түп-тамырынан бери караңгылыктан гүлдөдү. Бул республикалардын элдери өздөрүнүн өнөр жайларын жана ири айыл чарбасын түзүштү. Алардын катарларынан көп окумуштуулар, инженерлер жана техниктер, врачтар, жазуучулар, искусство кызматкерлери, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер өсүп чыгышты; көп миңдеген алдыңкы жумушчулар, колхозчулар жана колхозчу аялдар, трактористтер — жогорку маданияттуу адамдар өсүп чыгышты. Бул болсо биздин партиябыздын саясатынын тууралыгынын, Маркс менен Ленин тарабынан түзүлгөн илимдин тууралыгынын мыкты демонстрациясы болуп эсептелет. Бул — марксизмдин-ленинизмдин идеяларынын салтанаты, биздин партиябыздын жана өкмөтүбүздүн Лениндик улут саясатынын салтанаты болуп эсептелет. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XX съездинин тарыхый чечимдери биздин өлкөбүздүн турмушунда чоң роль ойноду. Жакында КПСС Борбордук Комитетинин Пленуму өз ишин аяктагандыгын сиздер билесиздер. Ал өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүү жөнүндөгү турмуштук бир катар маанилүү маселелерди талкуулады. Биздин Коммунисттик партиябыз элдин таламдарын бардыгынан жогору коёт жана өзүнүн бардык иштерин элге кызмат кылууга багыттап жатат.

Совет эли Коммунисттик партияны өзүнүн күжүрмөн авангарды деп эсептейт. Биздин Коммунисттик партиябызга даңк! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар*).

Кыргыз Республикасынын жана башка республикалардын ийгиликтери биздин бардыгыбызды жана биздин досторубузду кубандырат. Бүгүнкү күндө сиздер гана кубанып олтурган жериңиздер жок, сиздер менен бирге ак ниеттүү адамдардын бардыгы кубанышып, сиздердин жеңишиңиздерди — республиканын Ленин ордени менен сыйлангандыгын белгилеп жатышкандыгына мен ишенемин. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Кыргыз республикасынын ийгиликтерин мүнөздөгөн көп цифраларды келтирүүгө болор эле. Бирок, сиздер өзүңүздөр аларды жакшы билесиздер. Бул цифраларда сиздердин эліңиздердин өскөндүгү көрсөтүлгөн. Бул ийгиликтерге Улуу Коммунисттик партиябыздын жетекчилиги астында сиздер өзүңүздөр жеттиштиңиздер. Бул ийгиликтерге кубанбай коюуга болбойт, алар менен сыймыктанбай коюуга болбойт. Жогорку сыйлыкты сиздер дал ушул ийгиликтер үчүн алып отурасыздар. Бирок, бул сыйлык жетишилген жеңиштерди гана белгилебейт. Ал алга караї, чарбанын бардык тармактарында жаңы жеңиштерге чакырат.

Биздин кээ бир адамдарыбыз шашпастан, бир аз күтүп туруу керек деген пикирде турушат. Мындай камырабастыктын чоң коркунучу бар. Биз зор ийгиликтерге жетиштик. Бул талашсыз. Бирок, бул чек болуп эсептелет, жетишилгендер бизди канааттандырат деп ким айта алат? Жолдоштор, биз алга караї тез жылууга тийишпиз, элибиздин турмуш деңгээлин мындан ары да жогорулатууга тийишпиз. Биз тамак-аш продуктыларын көп чыгарышыбыз керек. Дың жерлерди өздөштүрүүнүн эсебинен өлкөдө дан өндүрүү бир кыйла көбөйгөндүгү белгилүү. Мында бир тууган Казакстандын өкүлдөрү олтурат. Устүбүздөгү жылы алар өлкөгө данды көп беришти жана дан өндүрүү жагынан Украинаны куып өтүшүп, өлкөдө Россия Федерациясынан кийин экинчи орунду ээлегендиктери менен адилеттүү түрдө сыймыктанышат. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Бирок, бул жетишкендик Казакстандын эмгекчилеринин гана жетишкендиги эмес, ал бүткүл совет элинин да жетиш-

кендиги болуп эсептелет, ал — социалисттик өнөр жайды өнүктүрүүнүн натыйжасы, советтик түзүлүштүн артыкчылыгынын, биздин партиябыздын идеяларынын таасир кылышынын натыйжасы, элдин партияга ишенишинин натыйжасы болот.

КПСС Борбордук Комитети дың жерлерге баруу жөнүндөгү чакырык менен жаштарга, комсомолдорго кайрылды. Жаштар да дың жерлерди өздөштүрүүгө барышты. Дың жерлерге жүздөгөн миң адамдар барышты. Бул болсо элдин партияга ишенгендигин көрсөтөт. Совет Өкмөтү жана Коммунисттик партия бир максат менен биздин эмгекчи элибизге — жумушчуларга, дыйкандарга, өлкөбүздүн бардык эмгекчилерине кызмат кылуу максаты менен жашап жатышкандыгын көрсөтөт.

Өткөн жылы пахта боюнча да көп иштер аткарылды. Колхозчулар жана колхозчу аялдар, МТСтердин жана совхоздордун кызматкерлери жакшы иштешти. (*Кол чабуулар*). Сиздер пахтанын ар гектарынан 20 центнерден ашык түшүм алдыңыздар. Ал эми бул чек эмес экендигин сиздер билесиздер. Тажиктер бүтүндөй республика боюнча пахтанын ар гектарынан орто эсеп менен 25 центнерден ашык түшүм алышкандыгын, өзбектер болсо 22 центнерден ашык түшүм алышкандыгын билесиздер.

Сиздер мындай деп сурашыңыздар мүмкүн: тажиктер пахтанын ар гектарынан 25 центнерден ашык, өзбектер — 22 центнерден ашык, туркмендер — 19 центнерден алышкан болсо, алар да сыйланышпадыбы. Мында тендемечилик жокпу? Турмушта бүтүндөй эле бирдей эчтеме жок, ал тургай түптүз жерлердин да дөндөрү болот, биздин республикаларыбызда да дал ушундай абал болууга тийиш. Кээ бирөөлөрү чоң натыйжаларга жетишти, экинчи бирөөлөрү алардан азыраак натыйжаларга жетишти. Бирок, алардын бардыгы жакшы иштешти. Менимче алардын бардыгы туура сыйланды, демек алардын сыйлыктарын иштешкен нерселери үчүн сыйланышты деп карайлы, бул сыйлыкка алар алды жакта аткарууга тийиш болгон нерселер да жарым-жартылай бөлүк болуп кирет. (*Кол чабуулар*).

Ошондуктан, элге берилген бул аванстуу толуктоо үчүн биз өз күчтөрүбүздү мобилизациялоого тийишпиз. Партиянын Борбордук Комитети бул аткарылат деп ишенет. (*Дүркүрөгөн кол чабуулар*).

Биз айыл кыштакта дагы көп иштөөгө тийишпиз. Мен Кыргызстанда биринчи жолу болуп олтурам. Бул республика менен таанышкандыгыма абдан кубанамын. сиздердин жериңиздер—эң кооз жерлер. Мында келген адамды, бул жерден кетирүүгө эч айла болбостугу — кокусунан эмес. (*Залда күлкү, кол чабуулар*).

Бул эң жакшы. Мен орус селолорун. украин селолорун билемин, дыйкандар жана жумушчулар кандай жашап келишкендигин жана кандай жашап жатышкандыгын билемин. Революциядан кийинки биринчи жылдарда селолордо жана кыштактарда кабыктан жасалган кепичтерди, сокмо таарлардан жасалган кийим-кечелерди кийип жүрүшкөну көп адамдардын эсинде. Жайкысын адамдар талаага чөп чабууга чыгышканда ак куудай болуп жүрүшөөр эле, бардыгы ак кийинишер эле. Ар бир аял зыгырды жана кара кууранды өстүрүп, алардын кендирлеринен жип ийрүүлөрү жана таар согуулары керек эле — бул иш алардын түйшүгү эле. Ал кийим тигүүчү да болгон, кийим бычуучу да болгон. Ал эми азыр кыштакка барсаң, ал жерден мындай абалды көрбөйсүң. Азыр, ал тургай, жип ийрүүчү чарыкты да табуу кыйын. Адамдар фабрикада иштелип чыккан бут кийимдерди, кийим-кечелерди кийип жүрүшөт. Бул болсо элдин турмуш денгелиинин канчалык жогорулагандыгын, демек, товарларга анын керектөөсүнүн жогорулагандыгын көрсөтөт. Эгерде сиздер селолук дүкөндө болсоңуздар жана карыя адамдардан бул кыштакта революциядан мурда кант канчалык сатылуучу эле жана азыр канчалык сатылып жатат деп сурасаңыздар, анда эң чоң айырма бар экендигин көрөсүздөр. Азыр кантты мурдагыга караганда эки көп сатышат. Ошондой болсо да, ал кайсы бир учурларда жетишпейт. Бул эң түшүнүктүү. Мурда көп дыйкандар чайды кантип ичишкен? Бир тоголок кантты алышып, аны менен бир канча стакан чайды ичише турган, ошондо да бул канттын бир бөлүгү экинчи күнгө калтырылуучу.

Иш мына ушундай абалда болгон. Азыр канттын чыгарылышы ченемсиз өстү. Биз алга карай чоң кадам жасадык, бирок бүгүнкү күндө да калктын ар бир башына канттын керектелиши жетишсиздик кылат. Биз канттын керектелишин көп камсыз кыла албайбызбы? Биздин машиналарыбыз да, жумушчуларыбыз жана жакшы мастерлерибиз да бар, кантты эмнеден

чыгарууну билебиз. Айыл чарбасынын бул тармагын өнүктүрүү гана керек.

Сиздер республика боюнча орто эсеп менен ар гектарынан 374 центнерден түшүм алдыңыздар — бул сугат жерлерде болду, ал эми мындай түшүм сугат эмес жерлерде камсыз кылынса дагы ого бетер эң жакшы болор эле. Сиздерде гектарынан 500—600 центнерден кызылча алуучу звенолор жана бригадалар бар эмеспи. Ал тургай—900 центнерден алуучу звенолор да бар болууга тийиш.

Төмөнкү түшүмдөрдү алуучу адамдарды жогорку түшүм алгандарга жеткирүүгө болбойбу?

Пахта жана башка өсүмдүктөр жагынан да абал ушундай экендигин көрүүгө болот. Өнөр жайлары жагынан да мындан ары өсүшкө көп резервдер бар. Бул резервдердин жана мүмкүндүктөрдүн бардыгын мүмкүн катары мыкты пайдалануу зарыл.

Мал чарбасы жөнүндө бир нече сөз айткым келет. Кийинки жылдардын ичинде сүттүн, эттин, жүндүн өндүрүлүшү көбөйдү, бирок бул али жетишсиздик кылат. Биз чарбанын бул тармагын бардык чаралар менен өнүктүрүүгө тийишпиз. Мен өзбекстандык жолдошторду мал чарбасы жагынан артта калгандыгы үчүн сынга алдым. Казактарды сынга албай коюуга болбойт. Алардын мейкин болуп жаткан жерлери эң көп, ал жерлерде койлорду эң көп өстүрүүгө болот. Бирок, Казакстанда 20 миллиондон бир аз гана ашык кой бар. Мындай республика үчүн бул өтө жетишсиздик кылат. Мен Казакстанда болгон кезимде мындай абалды көргөн элем: автомобилге олтуруп алып, талаалар менен нечен сааттар бою жүрүп олтурсаң да жайылып жаткан койлорду көрө албайсың. Бири-биринен өтө алыс болгондуктан, чабандар биргелешип олтуруп, тамеки да тарта алышпайт. (*Залда күлкү*). Ал эми Казакстандын талаалары — эң бай талаалар. Ал талаалар элге толук кызмат кылууга коюлууга тийиш.

Сиздер бешбармакты жакшы көрөсүздөр (*залда күлкү*), аны казактар да жакшы көрүшөт, орустар болсо койдун этинен жасалган куурдакты жакшы көрүшөт (*залда күлкү*). Эгерде койлор аз болсо, буларды кайдан алуу керек? Кийим-кечелерди мурда үйдө согулган таардан жасашаар эле, азыр кийим-кечелер сукнодон жана жүндөн токулган кездемелерден

жасалат, болгондо да жука кездемелерден жана мыкты сапаттагы кездемелерден жасалат. Бул эң туура. Биздин адамдарыбыз мындай кийимдерди кийип жүрүүгө татыктуу. Ал эми жүн алуу үчүн кой чарбасын өнүктүрүү керек. Иштерибизди жакшыртуу, сүттү, этти, жүндү жана башка айыл чарба продуктыларын көп өндүрүү зарыл.

Жумушчу табынын алдында чоң милдеттер турат. Ал зор жетишкендиктерге ээ болду. Жумушчулар кайраттуулук менен эмгек кылбаган болсо, өнөр жайлары өнүкпөгөн болсо айыл чарбасын жогорулатууга болбойт, илимди жана маданиятты өнүктүрбөй туруп, совет коомунун маданий-техникалык прогрессин камсыз кылууга болбойт. Биз илимибизди жана маданиятыбызды бардык чаралар менен колдоп өнүктүрүүгө милдеттүүбүз. Коммунизмдин жеңиши үчүн күрөштө бардыгы туруктуулук менен алга карай жүрүүлөрү тийиш; ак ниеттүүлүк менен эмгек кылган ар бир адамды көңүл буруу жана ардактоо менен курчап, анын эмгегин белгилөө керек.

Сөзүмдү аяктоо менен, мен сиздерге эң жалындуу алкыш айтуу сезимдерин дагы бир жолу билдирүүнү, сиздерди сыйлык менен куттуктоону, Кыргызстандын эмгекчилерине жаңы ийгиликтерге жетишүүнү өтө каалагандыкты билдиргим келет. Жолдоштор, сиздер Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын жетекчилиги астында, өз өкмөтүңүздөрдүн жетекчилиги астында өз катарларыңыздан жетекчи органдарга көтөрүп жаткан мыкты адамдардын жетекчилиги астында, улуу Ленин көрсөтүп берген даңктуу жол менен, коммунисттик коомду куруу жолу менен мындан ары да алга карай бара тургандыгыңыздарга мен ишенемин (*Дүркүрөгөн кол чабуулар, бардыгы орундарынан турушат*).

Сиздердин республикаңыздар сыйланган Ленин орденин СССР Жогорку Советинин Президиумунун тапшыруусу боюнча тапшырууга уруксат этиңиздер. (*Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош Раззаков, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели жолдош Сүйөркулов жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Кулатов, жолдош Хрущевдон Ленин орденин жана республиканы орден менен сыйлоо жөнүндөгү грамотаны кабыл алышат. Жолдош Хрущев Раззаков, Сүйөркулов, Кулатов жолдошторду кучактап өбөт.*

Бардыгы орундарынан турушат, узакка созулган дүркүрөгөн кол чабуулар).

Жашасын Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын данктуу эмгекчи эли! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар, „ура“ деген үндөр*).

Жашасын Кыргыз Республикасынын жумушчулары жана жумушчу аялдары, колхозчу аялдары, жана колхозчулары, МТСтердин жана совхоздордун эмгекчилери. (*Дүркүрөгөн кол чабуулар*).

Жашасын Кыргыз ССРнин интеллигенциясы, инженерлери, зоотехниктери, агрономдору, окумуштуулары, мугалимдери, врачтары, өздөрүнүн Родинасынын жыргалчылыгы үчүн ак ниеттүүлүк менен эмгек кылып жатышкан бардык адамдар! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар*).

Жашасын Советтер Союзунун элдеринин ортосундагы достук—биздин бекемдигибиздин залогу жана биздин ийгиликтерибиздин залогу! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар, „ура“ деген үндөр*).

Жашасын Лениндин улуу партиясы — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар, „ура“ деген үндөр*).

Жашасын биздин советтик Өкмөтүбүз! (*Дүркүрөгөн кол чабуулар, кол чабуулар овацияга өтөт. Бардыгы орундарынан турушат*).

А. Сүйөркулов. Тянь-Шань областынын Ат-Башы районундагы Ленин атындагы колхоздун атактуу чабаны жолдош Жаркымбаевге сөз берилет.

А. Жаркымбаев. Кымбаттуу жолдоштор! Тянь-Шань областынын малчыларынан сиздерге чабандык ысык салам айтууга мага уруксат этиниздер. (*Кол чабуулар*). Мен жыйырма бир жылдан бери чабан болуп иштеймин. Жетимиш жашка чыккандыгыма карабастан өзүмдүн сүйгөн ишимди таштаганым жок жана мындан ары да мыкты эмгектенүүгө тырышамын. Өткөн жылы мага бекитилип берилген 500 баш койдун ар биринен орто эсеп менен 4 килограмм 200 граммдан жүн кыркып алынды. Короодогу койлордун абалы азыр жакшы. Үстүбүздөгү жылы мен ар бир койдон 4 килограмм 500 граммдан жүн кыркып алууга убадамды беремин. Бул милдеттенмени абийирдүүлүк менен аткарамын. (*Кол чабуулар*).

Биздин Кыргыз Республикабыздын Ленин ордени менен сыйлангандыгына Тянь-Шандын бардык малчылары сыяктуу эле мен да абдан кубанамын. Бул сыйлык бизди дагы мыкты эмгектенүүгө жана Советтик Кыргызстандын эмгекчилерине Совет Өкмөтү тарабынан көрсөтүлгөн жогорку ишенимди абийирдүүлүк менен актоого шыктандырат. Биздин Родинабыздын жыргалчылыгы үчүн эмгегибизди да, күчүбүздү да аябайбыз!

Жашасын биздин Коммунисттик партия — биздин жеңишибиздин шыктандыруучусу жана уюштуруучусу. (*Кол чабуулар*).

Жашасын биздин Совет Өкмөтүбүз. (*Кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Ош областынын Араван районундагы Молотов атындагы колхоздун бригадири, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры жолдош Анаров Алляга сөз берилет.

А. Анаров. Жолдоштор! Кыргызстандын эмгекчилери өстүргөн жогорку түшүм үчүн партия жана Өкмөт биздин республикабызды Ленин ордени менен сыйлады. Биздин республикабызды Ленин ордени менен сыйлоо бул биздин Кыргызстандын бардык эмгекчилерин орден менен сыйлангандыгы болот деп эсептеймин. (*Кол чабуулар*). Ошондуктан биздин колхозчуларыбыз алардын эмгектерин жогору баалагандыктары үчүн партияга жана Өкмөткө ысык, чын жүрөктөн ракмат айтышат.

Мындан тышкары, салтанаттуу майрамды биз менен бирге белгилөө үчүн Никита Сергеевич Хрущевдун биздин республикага келгендигине биз кубанабыз. (*Кол чабуулар*).

Бүгүн Ленин орденин алуу менен, айыл чарба өсүмдүктөрүнөн мындан да жогорку түшүмүн алууга, биздин мал чарбабыздын продуктуулугун ого бетер жогорулатууга биз убада беребиз.

Өткөн жылы биздин бригада 60 гектар аянттын ар бир гектарынан 65 центнерден пахтанын түшүмүн жыйнап алды.

Биздин партиябыздын XX съездинин чечимдерине шыктанып, биздин республиканын Ленин ордени менен сыйлангандыгына жооп кылып, биз 1957-жылы биздин бригадага бекитилген бардык пахта аянтынын ар гектарынан 70 центнерден түшүм алууга милдеттенебиз.

Биз жөнүндө тынымсыз камкордук көрүп жаткан Коммунисттик партия жана Совет Өкмөтү жашасын! (*Кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын курууучу заводдун токары жолдош Смеликке сөз берилет.

В. М. Смелик. Кымбаттуу жолдоштор! Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасын Ленин ордени менен сыйлоо жөнүндөгү СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указын Кыргызстандын бардык эмгекчилери сыяктуу эле, айыл чарба машиналарын курууучу Фрунзе атындагы заводдун жумушчулары терең канааттануу сезими менен тосуп алышты. (*Кол чабуулар*).

1956-жылы биздин республикабыздын колхоздору жана совхоздору айыл чарбасын өнүктүрүүдө жаңы ийгиликтерге жетишти, продукцияны өндүрүүнү көбөйтүштү, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын продуктыларын даярдоонун жана сатып алуунун планын ийгиликтүү орундатышты. Көп миндеген колхозчулардын жана колхозчу аялдардын, совхоздор менен МТСтердин кызматкерлеринин эмгектери биздин Өкмөт жана Коммунистик партия тарабынан жогору бааланды. Ошону менен бирге, биздин республикабызды Ленин ордени денен сыйлоо бардык эмгекчилерге, айыл чарба кызматкерлерине ошондой эле өнөр жай кызматкерлерине да алтынчы беш жылдыктын экинчи жылынын планын орундатуу үчүн зор жоопкерчиликти жүктөйт.

Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилеринин даңктуу ийгиликтеринде биздин заводдун коллективинин да, аз да болсо салымы бар. 1956-жылы завод түшүмдү бөлөк-бөлөк айрым жыйноо үчүн эгин чабуучу машиналардын кедерлерин жасап чыгарууну өздөштүрдү. Өткөн жылдын июль айында эле биринчи эки миң машина чыгарылып, Кыргызстан менен Казакстандын колхоздоруна жөнөтүлгөн болучу.

Заводдун жумушчулары, инженер-техник кызматкерлери жана кызматчылары шефтик жардам иретинде Фрунзе областынын колхоздоруна дайыма жардам берип турат. Биз түшүмдү жыйноодо, тоют даярдоодо, саясий жана маданий-массалык иштерди жакшыртууда аларга жардам бердик.

КПСС Борбордук Комитетинин декабрь Пленумунун чечимдери биздин заводдо өндүрүштүк жана саясий зор жогорулашты пайда кылды. Заводдун бардык цехтеринде жумушчулар жана инженер-техник кызматкерлер жогорулатылган милдеттенмелерди алып жатышат. Мисалы, биздин инструменталдык цехтин коллективи алтынчы беш жылдык экинчи жылынын пла-

нын мөөнөтүнөн мурда, 1957-жылдын 5-декабрында орундатууга милдеттеништи.

Заводдун жумушчуларынын, инженер-техник кызматкерлеринин жана кызматчыларынын атынан биздин республиканы жогорку сыйлык болгон—Ленин ордени менен сыйлагандыгы үчүн Коммунисттик партияга жана Совет Өкмөтүнө терең алкыш айтам.

Айыл чарба машиналарын курууучу Фрунзе атындагы заводунун коллективи биздин Родинабыздын жыргалчылыгы үчүн ийгиликтүү эмгектенет, айыл чарбасына жогорку сапаттагы машиналарды жана запастык бөлүктөрдү берет деп ишендире аламын.

Жашасын Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы! (*Кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Кыргызстан КП Фрунзе обкомунун биринчи секретары жолдош Дыйкамбаевге сөз берилет.

К. Дыйкамбаев. Жолдоштор! Биздин республикабыздын эмгекчилери өздөрүнүн баштарынан толкундатуучу, кубанычтуу күндөрдү өткөрүп жатышат. Айыл чарбасын өнүктүрүүдө жетишилген ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Ленин ордени менен сыйланды. Бул ардактуу сыйлык биздин улуу Родинабыздын даңкы үчүн бизди эмгектеги жаңы каармандыктарга чакырат.

Бул жогорку сыйлыкты тапшыруу үчүн, биздин партиянын көрүнүктүү жетекчилеринин бири, баардыгыбыз терең урматтаган Никита Сергеевич Хрущевдун бизге келиши да биздин жүрөгүбүздү кубанычка толтурат. (*Кол чабуулар*).

Фрунзе областынын колхозчуларынын, колхозчу аялдарынын, МТСтери менен совхоздордун жумушчуларынын, айыл чарба адистеринин жана бардык эмгекчилеринин атынан биздин республикабыздын айыл чарба эмгекчилеринин эмгектеги күч аракеттерин жогору баалагандыктары жана аталык камкордуктары үчүн КПСС Борбордук Комитетине жана Совет Өкмөтүнө чын жүрөктөн чыккан алкышты, чексиз сүйгөндүктү жана абдан берилгендикти билдирүүгө мага уруксат этиңиздер. (*Кол чабуулар*).

Советтик Кыргызстандын эмгекчилеринин ийгиликтери—биздин партиябыздын лениндик акылман улут саясатынын сал-

танатынын ачык далили. Тең укуктуу, башында улуу бир туугган — орус эли турган советтик элдердин бир туугандык үйбүлөсүндө гана, КПСС БКнын жана Совет Өкмөтүнүн дайыма көргөн камкордугунун натыйжасында кыргыз эли өзүнүн өндүргүч жана духовный күчтөрүнүн гүлдөшүнө жетише алды.

Биздин көп улуттуу социалисттик Родинабыздын күчүнүн жана кубаттуулугунун булагы катарында элдердин достугун биз мындан ары да сактайбыз жана чыңдайбыз. (*Кол чабуулар*).

Республиканын айыл чарба кызматкерлеринин жетишкен ийгиликтеринде Фрунзе областынын эгинчилеринин, кызылчачыларынын жана малчыларынын да эмгегинин үлүшү бар. 1956-жылы биздин кызылчачылар өзгөчө жакшы эмгектеништи, алар согуштан кийинки мезгилдин ичинде биринчи жолу эң жогорку түшүм өстүрүп алышты. Бир жылдын гана ичинде кант кызылчасын өндүрүү 1, 8 эсе көбөйдү. Кант кызылчасынын орточо түшүмү ар бир гектарга 374 центнерди түздү. Өткөн жылга караганда кант кызылчасы мамлекетке 345 мин тонна көп тапшырылды.

Панфилов, Петровка, Каганович жана Кант районунун колхоздору эң жогорку түшүм—ар бир гектардан 400 центнерден көбүрөөктөн түшүм өстүрүп алышты. Көп колхоздор, совхоздор жана бригадалар гектарына 500 центнерден ашкан түшүмдү өстүрүштү. Мисалы Петровка районундагы Панфилов атындагы колхоз ар бир гектардан 567 центнерден, 232 звено жана 32 бригада ар бир гектардан 500 дөн 600 центнерге чейин кант кызылчасынын түшүмүн алышты.

Кант кызылчасынын түшүмүнүн жана дүң жыйымынын өсүшү колхоздордун доходдорун бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын тынымсыз жогорулатуу жөнүндөгү партия менен Өкмөттүн аталык камкордугу мына ушундан ачык-айкын көрүнүп олтурат.

Областтын колхоздору сүт өндүрүү боюнча өздөрүнө алган милдеттенмени абийирдүүлүк менен орундатышып, ар бир саан уйдан 1853 килограммдан сүт саап алышты.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн жана мал чарбасынын продуктуулугунун жогорулашы айыл чарба продуктыларын даярдоо боюнча милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда орундатуу жана ашык орундатуу үчүн областка мүмкүнчүлүк берди. Өткөн жылы областтын жетишкен натыйжалары пар-

тиянын XX съезди тарабынан коюлган зор милдеттерди ишке ашыруу жөнүндөгү биринчи кадамы экендигин биз жакшы түшүнөбүз. Биздин биринчи ийгиликтерибиз тынчтанып алууну туудурбоо керек. Биздин ишибизде али көп кемчиликтер бар. Айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүү үчүн колдо болгон зор резервдер али толук пайдаланылбай жатат.

Жогорку сыйлык бизди дагы мыкты иштөөгө жана кыска мөөнөттүн ичинде айрым райондордун, колхоздордун жана совхоздордун артта калууларын жоюуга, 1957-жылга алынган социалисттик милдеттенмелерди орундатууну жана ашыра орундатууну камсыз кылууга милдеттендирет. Быйылкы жылы областтын колхоздорунун, МТС менен совхоздорунун эмгекчилери колхоздордо жана совхоздордо ар бир гектардан орточо түшүмдүү 390 центнерден алып, 10 миллиондон кем эмес центнер кант кызылчасын тапшырууга жана ар бир саан уйдан колхоздордо 2100 килограммдан жана совхоздордо 3200 килограммдан сүт саап алууга милдеттеништи.

Жогорку сыйлыкка жооп кылып, Фрунзе областынын эмгекчилери айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү дагы ого бетер көбөйтүү, биздин улуу родинабыздын мындан ары гүлдөшүнө өзүнүн салымын киргизүү жана коммунизмдин салтанаты үчүн күчтөрүн аяшпайт деп Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин жана Совет Өкмөтүн биз ишендиребиз. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жашасын биздин улуу Родинабыз!

Жашасын биздин бир тууган Совет Өкмөтүбүз!

Жашасын Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы жана анын күжүрмөн штабы — Ленindик Борбордук Комитет! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Ысык-Көл областындагы Жети-Өгүз МТСнин директору жолдош Юматовага сөз берилет.

А. Т. Юматова. Кымбаттуу жолдоштор! Ысык-Көл областынын колхозчулары, МТСтери менен совхоздордун жумушчулары, Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилери сыяктуу эле кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарбасынын продуктыларын өндүрүүдө жетишкен ийгиликтери, айыл чарба продуктыларын даярдоонун мамлекеттик планын 1956-жылы ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн биздин республикабыздын өкмөттүк жогорку сыйлыкка — Ленин орденине татыктуу бол-

гондугу жөнүндөгү кубанычтуу кабарды зор канааттануу менен тосуп алышты.

Шаарлар менен селолордун эмгекчилеринин жүрөктөрү сыйлык үчүн, айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жагынан алтынчы беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатууга багытталган Кыргызстандын айыл чарба кызматкерлеринин эмгектик күч аракеттерин жогору баалагандыгы үчүн Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине жана Совет Өкмөтүнө кызуу алкыш айтуу жана ага берилүү сезими менен жык толгон. Өткөн жылы иштелген иштер алга карай дагы ого бетер тез жылуу үчүн негиз болуп кызмат кылуу керек. Биздин республика татыктуу болгон өкмөттүк жогорку сыйлык партиянын тарыхый XX съезди тарабынан коюлган милдеттерди иш жүзүнө ашыруунун, эгинди, техникалык өсүмдүктөрдү, мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүнү мындан ары камсыз кылуунун үстүндө дагы туруктуулук жана кубаттуулук менен эмгектенүүгө бизди милдеттендирет.

Партия менен Өкмөт бизди өндүрүштүк пландарды орундатуу жана ашык орундатуу, ар бир колхоздун, ар бир МТСтин колдо болгон ички резервдерин абдан толук пайдалануу үчүн социалисттик мелдешти дагы кеңири жайылтууга чакырышат. Ысык-Көл областынын эмгекчилери өкмөттүк сыйлыкка шыктанышып, алтынчы беш жылдыктын экинчи жылын социалисттик Родинанын жыргалчылыгы үчүн эмгектеги жаңы ийгиликтер менен белгилөөгө бардык күчтөрүн жумшаша тургандыктарына шектенбей эле койсоңуздар болот. (*Кол чабуулар*).

Жашасын биздин улуу Советтик Родинабыз!

Жашасын бир тууган Совет Өкмөтү!

Жашасын Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Кыргызстан КП Жалал-Абад обкомунун биринчи секретары жолдош Балтагуловго сөз берилет.

Т. Б. **Балтагулов.** Жолдоштор! Айыл чарбасын өнүктүрүү жагында жетишкен ийгиликтер үчүн, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын продуктыларын даярдоо жана сатып алуунун планын мөөнөтүнөн мурда орундаткандыгы үчүн Совет Өкмөтү биздин республиканын колхозчуларынын, колхозчу аялдарынын, айыл чарба адистеринин, МТСтер менен совхоздордун кызмат-

керлеринин партиялык жана советтик кызматчылардын эмгектерин жогору баалап, аны өкмөттүк жогорку сыйлык болгон Ленин ордени менен сыйлады. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жалал-Абад областынын бардык эмгекчилеринин атынан биздин республиканын колхозчуларынын, колхозчу аялдарынын, МТС менен совхоздордун кызматкерлеринин эмгектерин мынчалык жогору баалагандыктары үчүн Коммунисттик партияга жана Совет Өкмөтүнө жүрөктөн чыккан алкышыбызды айтууга жана терең ыразылыгыбызды билдирүүгө мага уруксат этиңиздер. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Партиянын XX съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруу үчүн күрөштө Советтик Кыргызстандын эмгекчилеринин жана биздин көп улуттуу Советтер Союзунун бардык эмгекчилеринин эмгектеринин жакшы натыйжалары, Советтик социалисттик мамлекетибиздин кубаттуулугун көтөрүүгө жана эмгекчилердин жыргалчылыгын жана маданий деңгелин жогорулатууга багыттаган Коммунисттик партиянын, анын Лениндик Борбордук Комитетинин акылман саясатынын натыйжасы болот.

Жолдоштор, Жалал-Абад областынын эмгекчилери, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XX съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашырып, пахтаны өстүрүүнүн жаңы прогрессивдүү методдорун колдонушун, областтын колхоздору ар бир гектардан 21,2 центнерден пахтанын түшүмүн өстүрүшүп, пахтаны даярдоонун мамлекеттик планын бир кыйла ашыра орундатышты. Бүткүл элдик ишке жана айыл чарба өндүрүшүн жогору көтөрүү ишине өздөрүнүн салымдарын киргизишти. Биздин область пахта тапшыруунун мамлекеттик планын Советтер Союзу боюнча биринчи болуп бүттү. (*Кол чабуулар*). Биздин алдыңкы райондорубуз жана колхоздорубуз пахта өндүрүүдө жакшы ийгиликтерге жетишти. Ленин районунун колхоздору 8500 гектар аянттын ар бир гектарынан 26,5 центнерден, Базар-Коргон районунун колхоздору 7200 гектар аянттын ар бир гектарынан 22,4 центнерден пахтанын түшүмүн жыйнап алышты. Ленин районундагы Карл Маркс атындагы колхоз 800 гектар аянттын ар бир гектарынан 38,5 центнерден; ушул эле райондун Калинин атындагы колхозу 500 гектар аянттан 34,5 центнерден пахтанын түшүмүн алышты.

Өткөн жылы пахтачылыктын өнүгүшү менен бирге, областта сүт, эт, жүн өндүрүү да өстү. Бул мал чарба продуктыларын даярдоонун жана сатып алуунун планын орундатуу гана эмес, ашыра орундатууга да мүмкүндүк берди.

Жолдоштор! Биздин колхоздордун дан жана техникалык өсүмдүктөрүн, мал чарбасынын продуктыларын мындан ары да көбөйтүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрү бар. Алтынчы беш жылдыктын экинчи жылында биздин алдыбызда жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылып олтурат. КПСС Борбордук Комитетинин декабрь Пленуму социалисттик экономиканын, эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын жана маданиятынын жогорулашынын мындан ары гүлдөшү үчүн күрөшкө шыктандыруучу программаны белгиледи. Бүткүл эл кызуу кубаттаган, ал пленумдун чечимдерин ийгиликтүү реализациялоо алтынчы беш жылдыктын тапшырмаларын мындан да тезирээк иш жүзүнө ашырууга залог болот. Өкмөттүк жогорку сыйлык бизди мындан да мыкты иштөөгө, болгон кемчиликтерди тез жоюуга милдеттендирет, эмгек өндүрүмдүүлүгүн мындан ары жогорулатуу үчүн, биздин республиканын экономикасын жана маданиятын жогорулатуу боюнча болгон бардык резервдерди толук пайдалануу үчүн, күрөш жүргүзүүгө бизди шыктандырат.

Биздин областтын эмгекчилери, өкмөттүк жогорку сыйлыкка жооп кылып өздөрүнүн эмгектенишин эки эсе, үч эсе көбөйтөт жана социалисттик чарбаны жогорулатуудагы бүткүл элдик иште өзүнүн салымын киргизишет деп Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин, анын биринчи секретары жолдош Никита Сергеевич Хрущевду ишендирүүгө уруксат этиңиздер.

Жашасын улуу Совет эли—коммунизмди куруучулар!

Жашасын Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы—биздин бардык жеңиштерибиздин уюштуруучусу жана шыктандыруучусу! *(Узакка созулган кол чабуулар)*.

А. Сүйөркулов. Фрунзе областынын Кызыл-Аскер районундагы „Киргизия“ колхозунун саанчысы жолдош Терещенкого сөз берилет.

Н. М. Терещенко. Жолдоштор! Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын, Совет мамлекетинин жогорку сыйлыгы — Ленин ордени менен сыйланышы биздин бардыгыбыз үчүн кубанычтуу окуя болуп саналат. Коммунисттик партия

жана Совет Өкмөтү жумушчулардын, колхозчулардын, интеллигенциянын каарман эмгектерин дайыма жогору баалап келишкен жана баалашат. Бүгүн бизде эмгектик зор майрам. „Киргизия“ айыл чарба артелинин колхозчулары жана колхозчу аялдары өткөн жылы көп жана пайдалуу эмгектеништи. Натуралай жана акчалай доходдор бир кыйла өстү. Колхозчулардын каарман эмгектеринин натыйжасында коомдук байлык көбөйгөндүгүн жана колхоздук үй-бүлөлөрү жетиштүү түрмушта жашап турушкандыгын ар ким көрүп турат. Бизде чарбанын бардык тармагы өсүүдө.

Мен саанчы болуп иштейимин. Өткөн жылда биздин ферма алга карай зор кадам жасады, сүт саап алууну жогорулатты. Өткөн жылы мен ар бир саан уйдан 4567 килограммдан сүт саап алып, алган милдеттенмемди ашыгы менен орундаттым. Жаңы жылдагы менин милдеттенмем ар бир саан уйдан 4700 килограммдан сүт саап алуу болуп эсептелет. Родинага берген убадамды орундата аламын деп ойлоймун.

Жашасын биздин бир тууган коммунисттик партия! (*Кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Казак ССР Министрлер Советинин Председатели жолдош Кунаевге сөз берилет.

Кунаев. Кымбаттуу жолдоштор! Казак ССРнин Жогорку Советинин, Министрлер Советинин жана Казакстан КП Борбордук Комитетинин атынан сиздерди жана сиздер аркылуу Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилерин өкмөттүк жогорку сыйлык менен чын жүрөктөн куттуктоого уруксат этиниздер. (*Кол чабуулар*).

КПСС Борбордук Комитетинин жана Совет Өкмөтүнүн жетекчилиги астында жана күндөлүк жардамдары менен Советтик Кыргызстан өзүнүн социалисттик экономикасын ийгиликтүү өнүктүрүп жатат. Кыргыз элинин маданияты жана искусствосу гүлдөдү. Кыргызстандын экономикалык жана маданий өнүгүшүндөгү эң ири ийгиликтер — бул биздин Коммунисттик партиябыздын лениндик улут саясатынын салтанатынын ачык айкын далили болот. Кыргыз жана казак элдери өздөрүнүн тарыхый өнүгүшү менен тыгыз байланышкан. Казактар жана кыргыздар — эң жакын коңшулаш. Кыргыз жана казак элдеринин достугу терең кылымдарга кетет. Биздин элдерибиз чет элкөлүк баскынчыларга каршы, падышачылыкка каршы, по-

мещиктерге жана капиталисттерге, баӥ жана манаптарга каршы кол кармашып күрөшкөн.

Совет бийлигинин жылдарында көп улуттуу Советтер Союзунун үй-бүлөсүндө, кыргыз жана казак элдеринин бир туугандык достугу чыңдалды жана гүлдөдү. Биздин элдерибиздин ортосундагы бузулбас достук Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында коммунисттик коомду курууда ийгиликтердин залогу болуп саналат. Социалисттик Родинабыздын жыргалчылыгына бул достук мындан ары да өсүп жана өнүгө тургандыгына шек жок.

Биз, 1956-жылда айыл чарбасы жагынан жетишкен республиканын ийгиликтери — анын мүмкүндүктөрүнүн чеги эмес экендигин билебиз. Партиянын XX съездинин алтынчы беш жылдык планы боюнча Директивалары менен сиздердин республика боюнча койлордун санын мындан ары өстүрүү жана мүйүздүү ири малдардын продуктуулугун көбөйтүү, эгин, пахта, кант кызылчасын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүү жагы белгиленген. Бул ардактуу тапшырманы сиздер абийирдүүлүк менен орундата тургандыгыңыздарга биз терең ишенебиз. (*Кол чабуулар*).

Советтик казакстандын эмгекчилери, башка бир тууган республикалардын эмгекчилериндей эле, 1956-жылда өнөр жайлар жана айыл чарбасы жактарында бир кыйла ийгиликтерге жетишти. Казакстанда кийинки жылдардын ичинде КПСС Борбордук Комитетинин жана Совет Өкмөтүнүн жардамы астында дың жана көптөн бери айдалбай жаткан жерлерди өздөштүрүү боюнча эбегейсиз зор иштер жүргүзүлгөндүгү белгилүү. Өткөн жылда Казакстан алган милдеттенмесин абийирдүүлүк менен орундатты — мамлекетке миллиард пуд эгин тапшырды жана дан өндүрүү боюнча Россия федерациясынан кийин экинчи орунга чыкты. Мында Никита Сергеевич Хрущев, бул Казакстан үчүн чек эмес деп туура айтты. Биз эгин чарбасын дагы зор өнүктүрүүгө жетишүүгө тийишпиз.

Өткөн жылда Казак Республикасы көп жылдардан бери биринчи жолу пахта, кант кызылчасын, жемиштерди, жүн жана башка продуктыларды даярдоонун планын орундатты. Дан өндүрүү жана мамлекетке 1 миллиард пуд эгинди мөөнөтүнөн мурда тапшыруу ишиндеги жетишкен ийгиликтер үчүн биздин республикабыз өкмөттүк жогорку сыйлыкты — Ленин орденин алды. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Бирок да дың жерлердеги жетишкен ийгиликтерди чыңдоо үчүн бизге көп нерселерди иштөөгө туура келет. Казакстандын эмгекчилери, жогорку сыйлык менен шыктанышып, айыл чарбасы жагында жаңы ийгиликтерге жетишүүгө толук чечкиндүү. Биз, жакын арадагы убактарда мал чарбасы жагынан да Казакстан маанилүү бурулуш жасайт жана малдын санын көп өстүрөт деп сиздерди ишендире алабыз. Биздин республикабыздын эмгекчилери Совет мамлекетинин кубатын мындан ары күчөтүү үчүн, социалисттик экономиканын жана маданияттын жаңы жогорулашы үчүн күрөшкө күчтөрүн аяшпайт.

Казакстандын эмгекчилери орденду Кыргызстанга эл чарбасынын бардык тармактарын жана маданиятты өнүктүрүүдө мындан ары дагы зор ийгиликтерди ысык, чын жүрөгүнөн каалашат. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жашасын биздин Советтик Родинабыз!

Жашасын биздин Совет Өкмөтүбүз!

Жашасын биздин жеңиштерибиздин уюштуруучусу жана шыктандыруучусу — биздин бир тууган Коммунисттик партия! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Өзбекстан КП Борбордук Комитетинин секретары жолдош Абдуразаковго сөз берилет.

М. А. Абдуразаков. Кымбаттуу достор! Өзбек ССРнин Жогорку Советинин, Министрлер Советинин жана Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин атынан жана алардын тапшыруулары боюнча, Өзбек республикасынын эмгекчилеринин атынан, сиздерди жана сиздер аркылуу Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын бардык эмгекчилерин зор эмгектик жеңиштери менен жана Совет Мамлекетинин өкмөттүк жогорку сыйлыгы менен — Ленин ордени менен сыйлангандыгын чын жүрөктөн жана ысык куттуктаймын. (*Кол чабуулар*).

Өзбек эли чарбалык жана маданият курулушунда кыргыз элинин зор иштерин чоң көңүл коюу жана чыныгы урматтоо менен байкап турат. Кыргыз жана Өзбек элдери — илгерки достор, ошондуктан сиздердин өнөр жайларды, айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү жана маданият курулушундагы эң сонун ийгиликтериңер бизге айрыкча жакын жана кымбаттуу. Сиздердин республиканын айыл чарба эмгекчилери КПССтин XX съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашырып, Советтер Союзунда биринчи болуп эгин даярдоонун планын орундаткандыгы жана пахта-

чылык менен мал чарбасын өнүктүрүүдө ири ийгиликтерге жетишкендиги да эң сонун иш болуп саналат. (*Кол чабуулар*). Кымбаттуу жолдоштор, сиздерге улуу социалисттик Родинанын жыргалчылыгына болгон асыл эмгекте дагы зор ийгиликтерди чын жүрөктөн каалайбыз. (*Кол чабуулар*).

Пролетардык интернационализмдин лениндик принцибине туура болгон, Советтер Союзунун бир тууган социалисттик улуттары экономиканы жана маданиятты өнүктүрүү ишинде бири-бирине чоң жана ак ниеттүү жардамды көрсөтүп жатышат. Коммунисттик партиянын лениндик улуттук саясатын кыйшайбастан турмушка ашыруунун аркасында, улуу орус элинин жана СССРдин бардык башка бир тууган элдеринин дайым көрсөткөн жардамдары астында өнөр жайларды, айыл чарбасын, маданиятты жана илимди өнүктүрүүдө Өзбекстан да ири ийгиликтерге жетишти. 1956-жылда Өзбекстандын эмгекчилери, Советтер Союзунун бардык элдериндей эле, КПССтин XX съездинин тарыхый чечимдери менен шыктанышып, пахтачылыкты жана эл чарбасынын башка тармактарын мындан ары жогорулатуу боюнча зор жумуштарды иштешти. Өткөн жылда мамлекетке 2 миллион 850 мин тонна пахта тапшырылды, же 1955-жылдагыга караганда 440 миң тонна көп болду. (*Кол чабуулар*). Биздин республикада башка айыл чарба өсүмдүктөрүн жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүдө да бир кыйла ийгиликтерге жетишилди. Өзбекстандын өнөр жайларынын жумушчулары, инженер-техник кызматкерлери кажыбас кайрат менен эмгек кылууда. Өткөн 1956-жылда өнөр жайлык өндүрүштүн мамлекеттик планы мөөнөтүнөн мурда орундатылды. Пахтачылыкты жана республиканын эл чарбасынын башка тармактарын жогорулатуудагы жетишкен ийгиликтер үчүн Өзбек Республикасы Ленин ордени менен сыйланды. (*Кол чабуулар*).

Биздин республикабыздын чарбаны жана маданиятты өнүктүрүүдөгү жетишкен ийгиликтери Коммунисттик партиянын лениндик улуттук саясаттын салтанаты жөнүндө далил болот. Капиталисттик системадан советтик социалисттик системанын зор артыкчылыгын айкын-ачык көрсөтүп отурат.

Өзбекстандын жана Кыргызстандын Ленин ордени менен сыйланышы биздин республикаларыбыздын турмушунда зор, кубанычтуу окуя, Орто Азия республикалары жөнүндө Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Коми-

тети жана Совет Өкмөтү кандайча зор камкордук көрсөтүп жаткандыктарын дагы жана дагы бир жолу ачык-айкын көрсөтүүчү окуя болуп саналат. Бул кубанычтуу, унутулгус күндөрдө Кыргызстандын жана Өзбекстандын эмгекчилери пахтачылардын жөнөкөй эмгегин жогору баалагандыгы үчүн КПСС Борбордук Комитетине, Жогорку Советтин Президиумуна жана СССР Министрлер Советине терең алкышын билдиришет. (*Кол чабуулар*).

Эки бир тууган республиканын элдеринин достугунун белгисинде, өзбек элинен сиздерге белекти—Лениндин биздин өзбек аялдары сайган портретин тапшырууга уруксат этиңиздер. (*Кол чабуулар*).

Жашасын биздин өлкөнүн элдеринин улуу достугу!

Биздин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясына даңк! (*Кол чабуулар*).

(*Жолдош Абдуразаков портретти жолдош Раззаковго берет, портрет залдын бет маңдайына коюлат, узакка созулган кол чабуулар, бардыгы орундарынан турушат*).

А. Сүйөркулов. Тажикстан КП Борбордук Комитетинин секретары жолдош Зариповага сөз берилет.

Зарипова. Кымбаттуу жолдоштор! Кыргыз ССРне өкмөттүк жогорку сыйлыктын — Ленин орденинин тапшырылгандыгы менен сиздерди, сиздер аркылуу Советтик Кыргызстандын бир тууган бүткүл элин Тажик ССР Жогорку Советинин Президиумунун, Министрлер Советинин жана Тажикстан КП Борбордук Комитетинин атынан, бүткүл тажик элинин атынан жана алардын тапшыруусу боюнча чын жүрөктөн куттуктоого уруксат этиңиздер. (*Кол чабуулар*).

Бул сыйлык бир тууган Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилеринин 1956-жылы жетишкен чоң жеңишин жана айыл чарбасын жогорулатуу жагынан КПССтин XX съездинин Директиваларын орундатуу үчүн күрөштүн бүткүл элдик ишине алардын татыктуу салым киргизишкендигин Коммунисттик партиябыздын жана Совет Өкмөтүбүздүн жогору баалагандыктарынын көрүнүшү болуп эсептелет. (*Кол чабуулар*).

Өткөн 1956-жыл — Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркменстан, Тажикстан үчүн айыл чарбасынын бардык тармактары жагынан чоң жогорулаштын жылы болду. Орто Азиядагы республикалардын бул жаңы жеңишин биздин бардык элибиз

партиябыздын лениндик улут саясатынын жеңиши катарында, Совет мамлекетинин элдеринин бузулбас достугунун салтанаты катарында эсептейт. (*Кол чабуулар*).

Бир тууган Кыргызстандын эң мыкты ийгиликтери, өкмөттүк жогорку сыйлык Тажикстандын эмгекчилерин зор кубандырып жатат. Мунун өзү түшүнүктүү, анткени, Кыргызстандын жана Тажикстандын эмгекчилери пахта чарбасын, мал чарбасын жана айыл чарбасынын башка тармактарын жогорулатуу боюнча партиянын XX съездинин Директиваларын орундатуу үчүн күрөштө тыгыз бирдикте жүрүп жатышат.

Тажикстандын эмгекчилери өнөр жайынын, айыл чарбасынын бардык тармактарын жогорулатуу, Советтик Кыргызстандын маданиятын мындан ары да өнүктүрүү жагынан бир тууган кыргыз элинин жаңы ийгиликтерге жетишүүсүн жан-дили менен каалашат.

Ордендүү Советтик Кыргызстандын экономикасы мындан ары да өнүгүп жана гүлдөй берсин. Коммунизмди куруу үчүн биргелешкен күрөштө Советтер Союзунун бардык элдери менен Советтик Кыргызстандын бир туугандык бузулбас достугу өсүп жана чыңала берсин.

Жашасын элдердин бузулгус достугу — биздин сүйүктүү Родинабыздын жеңилбестигинин залогу! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош И. Р. Раззаковго сөз берилет. (*Дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулар*).

И. Р. Раззаков. Кымбаттуу жолдоштор! Кыргыз эли, Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилери толкундаган күндөрдү, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы мамлекеттик жогорку сыйлык — Ленин ордени менен сыйлангандыгына байланыштуу зор кубанычтуу күндөрдү башынан өткөрүп жатышат. Биздин республикабыздын мындай жогорку сыйлык менен сыйлангандыгы биздин партиянын жана өкмөттүн саясий эң зор актысы болуп саналат (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Биздин республикага, биздин элге жогорку урмат жана ишеним көрсөткөндүктөрү үчүн Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине, СССР Союзунун Жогорку Советинин Президиумуна жана Министрлер Советине кыргыз элинин атынан, Советтик Кыргызстандагы бардык

эмгекчилердин атынан жан-дилден, чын жүрөктөн чыккан терен алкышыбызды жана ыразылыгыбызды билдирүү үчүн мага уруксат этиңиздер (*кол чабуулар*). Бул жерде олтурган Борбордук Комитеттин бардык мүчөлөрүнүн, Жогорку Советтин депутаттарынын жана биздин элдин өкүлдөрүнүн, өнөр жайынын, айыл чарбасынын алдыңкыларынын атынан бул жогорку сыйлыкты абийирдүүлүк менен актоо үчүн бардыгыбыз бир кишидей болуп күчтөрүбүздү аябастан эмгек кыла тургандыгыбыз жөнүндө билдирүүгө уруксат этиңиздер. Орто Азиядагы союздук республикалардын бардыгы тең—Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан, Туркменстан, Кыргызстан ордендүү республикалар болушту. Бул биздин партиянын лениндик улут саясатынын жеңиши болуп саналат.

Партия менен Совет Өкмөтүнүн туруктуу, кеңири жардамы жана камкордугу аркасында, жана да бир тууган республикалардын элдеринин, биринчи кезекте, улуу орус элинин дайым көрсөткөн жардамы аркасында Кыргызстан тарыхый кыска мөөнөттө, мурда артта калган крайдан социалисттик алдыңкы республикалардын бири болуп калды, кыргыз эли болсо башта караңгы жана эзилген элден Совет бийлигинин учурунда эркин эл, өз тагдырынын толук кожоюну. Совет элдеринин ынтымактуу үй-бүлөсүнүн укуктуу мүчөсү болду.

Республикада азыркы убактагы техника менен жабдылган көп электростанциялар, өнөр жайынын ар түрдүү 500 ишканалары курулган.

Өнөр жайынын жаңы тармактары—металл иштетүүчү, химия, түстүү металлургия, кант, жибек өнөр жайы жана башкалар түзүлдү. Көмүр, нефть жана пайдалуу башка кендерди казып чыгаруу өрчүтүлдү. Өнөр жайлуу шаарлар өсүп чыкты.

Кыргызстандын айыл чарбасынын түрү да толук өзгөрүлдү. 100 минден ашык көчмөн жана жарым көчмөн мал багуучу чарбалары болгон, артта калган крайдан ал колхоздор менен совхоздордун социалисттик алдыңкы айыл чарба өндүрүшүнө айланды.

Ири сугат тармактарын куруу боюнча иштер жүргүзүлдү. Кыргызстандын шаркырап аккан сууларында кубаттуу плотиналар, курулуштар, суу сактагычтар курулду. Тоолордун арасындагы өрөөндөрдө жана тоо этектериндеги мейкин асыл жерлерде гүлдөгөн жемиш бактары бар колхоздордун жана сов-

хоздордун сугарып дыйканчылык кылуучу талаалары пайда болду.

Республиканын эмгекчилеринин материалдык жыргалчылыгы ченемсиз жакшырды. Ыш баскан боз үйлөрдүн ордуна колхозчулардын сонун жасалган жарык үйлөрү, мектептер, клубдар, окуу үйлөрү пайда болду.

Маданият жагынан эң зор жетишкендиктерибиз бар. Кыргызстан туташ сабаттуу республика болуп саналат. Республикада жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүү ишке ашырылды, шаарларда — он жылдык окуу ишке ашырылды. Мурда өзүнүн жазуусу да болбогон Советтик Кыргызстанда улуттук адабият, искусство түзүлдү, илимдер Академиясы, ондогон илим изилдөө институттары ишгеп жатат, улуттук интеллигенциянын кадрлары даярдалды. Азыр республикада жогорку жана орто квалификациялуу 40 миңден ашык адистер иштеп жаткандыгын айтсак жетишет.

Кыргыз элинин арасынан мамлекеттик ишмерлер, илим кызматкерлери, инженерлер, техниктер, өндүрүштүн новаторлору жазуучулар, артисттер, художниктер чыкты.

Өлкөдө болгон социалисттик кайра түзүүлөр элдин моралдык жана духовный түспөлүн өзгөрттү, феодалдык бытыранчылык түбөлүккө жоюлду. Кыргыз эли социалисттик биримдүү улут болуп баш кошту жана СССРдеги элдердин бир тууган ынтымактуу үй-бүлөсүндө коммунисттик коомду куруу милдеттерин ийгиликтүү чечип жатат.

Жолдоштор, партиянын тарыхый XX съезди жана КПСС Борбордук Комитетинин Пленумдары биздин элдин алдына эң улуу милдеттерди койду, бул милдеттерди иш жүзүнө ашыруу биздин мамлекетти дүйнө жүзүндөгү алдыңкы даражага, экономикалык жана согуштук жактардан абдан кубаттуу державага айландырууга мүмкүндүк берет.

Партия белгилеген программаны практика жүзүндө турмушка ашыруу үчүн күрөшүп, Советтик Кыргызстандын эмгекчилери 1956-жылы — алтынчы беш жылдыктын биринчи жылында эл чарбасын өнүктүрүүдө алгачкы олуттуу ийгиликтерге жетишишти.

Республиканын өнөр жайы продукция чыгаруу планын 106 процент орундатты, бул өткөн жылда жетишилген деңгелден 12 процент ашык болуп саналат. Ишканалардын көпчүлүгү

тапшырманы орундатышты, жана ашыра орундатышты, продукциянын бир катар жаңы түрлөрү өздөштүрүлдү.

Кыргыз ССРнин колхоздору жана совхоздору республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүдө бир кыйла ийгиликтерге жетишишти. КПСС Борбордук Комитетинин сентябрь Пленумунан кийинки (1953-жыл) өткөн мезгилдин ичинде республикада дан өндүрүү 42 процент, эт — 30,1 процент, сүт — 50,2 процент, жүн—26,3 процент, кант кызылчасы — 1,9 эсе, жашылча—1,7 эсе өстү.

1956-жылы республика эгин, пахта, кант кызылчасын, эт, жүн, сүт, жумуртка, жашылча, жибек пилласын, жүзүм, жемиш, эфир май өсүмдүктөрүн, дары-дармек апийимин жана мехсырьё даярдоо жана сатып алуу планын мөөнөтүнөн мурда орундатты. Тамеки даярдоонун планы жакын арадагы убакытта аткарылат.

1956-жылы 9,5 миллион центнер кант кызылчасы, же өткөн жылдагыдан 395 миң тонна көп кызылча даярдалды. Ар гектардан 374 центнерден түшүм алынды. Натыйжада Кыргызстан кант кызылчасынын түшүмү боюнча Советтер Союзунда биринчи орунду ээледи. (*Кол чабуулар*). Пахта даярдоонун мамлекеттик планын ашык орундады.

Хрущев — казактарды жендинерби?

Раззаков — жендик, Никита Сергеевич!

Ар бир гектардан 20,7 центнерден, же 1955-жылдагыга салыштырганда 3,6 центнерден ашык пахта жыйналып алынды.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда мал чарба продуктыларын өндүрүү да өстү, бул өткөн жылдардын ичинде мамлекетке жүн, сүт, эт тапшырууну жана сатууну көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. 1955-жылга салыштырганда 1956-жылы жүн 13 миң центнер, сүт 175 миң центнер жана эт 18 миң центнер көп даярдалды.

Кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүдө колхозчулар жана колхозчу аялдар артелдердин жана совхоздордун кызматкерлери, айыл чарба адистери, партиялык жана советтик кызматкерлер жетишкен ийгиликтери үчүн 1956-жылы айыл чарба продуктыларын даярдоонун мамлекеттик планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн республика 1956-жылы ноябрда КПСС Борбордук Комитетинен жана СССР Министрлер Советинен эки куттуктоо алган болу-

чу, ал эми азыр СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы Ленин ордени менен сыйланды. (*Кол чабуулар*).

Бул ийгиликтерибиз үчүн биз кимге милдеттүүбүз? деген закондуу суроо келип чыгат.

Биз ушулардын бардыгы үчүн биринчи кезекте биздин кыргыз элин идеялык-саясий жактан тарбыялоо жана ленинизм туусу астында, интернационализм туусу астында топтоо боюнча эң зор иштерди жүргүзгөн Лениндин улуу партиясына милдеттүүбүз. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын айланасына кыргыз элин, биздин республикадагы бардык эмгекчилерди биз мындан ары да ого бетер бекем топтойбуз.

Жетишкен ийгиликтерибиз үчүн биз Совет мамлекетиндеги чоң жана кичине элдердин ортосунда, жана да Кыргыз республикасында турган элдердин ортосунда түзүлгөн өзүбүздүн бирдиктүүлүгүбүзгө, достугубузга жана чарбалык, маданий курулуштагы өз ара жардамдашкандыгыбызга милдеттүүбүз.

„Падышачылык Россиянын, — деп көрсөткөн Никита Сергеевич Хрущев партиянын XX съездиндеги докладында, — элдеринин ортосунда жашап келген өз ара ишенбөөчүлүктөрдү биздин партиябыз жок кыла алды, Советтер Союзундагы бардык элдерди бир туугандык достуктун байланыштары менен бириктире алды, анткени биздин партиябыз ушул элдердин таламдарына, алардын улуттук бөтөнчөлүктөрүнө жана тилектерине дайыма терең көңүл буруп келди, ал муну бардык улуттардын эмгекчилерин социалисттик жалпылыктын духунда, жалпы мамлекеттик таламдар жөнүндө камкордук көрүүнүн духунда тарбыялоо менен айкалыштырып келди“.

Элдердин ортосунда мурда болуп келген ишенбөөчүлүк түбөлүккө жоюлду, ал чарбалык жана маданий курулушта мыкты натыйжаларга жетишүү үчүн өз ара мелдешип жаткан элдердин — бир туугандардын достугу менен алмашылды.

Кыргыз ССРи—көп улуттуу республика. Мында, негизги кыргыз улуттарынан башка, орустар, украиндар, өзбектер, казактар, тажиктер, татарлар, калмактар, дунгандар, немецтер, чечендер, балкарлар, ингуштар, карачайлар жана башка улуттар жашайт.

Кыргызстандагы элдердин бардыгы тең ынтымактуулук менен, колмо-кол болуп станокто, шахтада, трактор жана ком-

байнда биздин советтик Родинанын экономикалык жана согуштук кубаттуулугун чыңдоо үчүн активдүү эмгек кылып жатышат, мисалы, 1900 колхозчулары болгон Кара-Суу районунун „Кызыл-Шарк“ колхозунда 12 улут бар: дунгандар, кыргыздар, өзбектер, орустар, тажиктер, татарлар, казактар, уйгурлар, корейлер жана башкалар. Анда колхоздун председатели болуп Социалисттик Эмгектин Баатыры, улуту дунган жолдош Ташыров иштейт, анын орунбасары болуп өзбек жолдош Азизов иштейт. Же болбосо Каганович районундагы „Путь к коммунизму“ колхозун алып көрөлү. Бул дагы көп улуттуу колхоз, колхоздун председатели болуп орус жолдош Чемодуров, анын орунбасары болуп кыргыз жолдош Борончиев иштешет.

Республикабызда жашап турган элдердин ортосундагы достук менен бир тууганднкты биз мындан ары да ого бетер бекем чыңдап, бардык эмгекчилерди пролетардык интернационализмдин духунда тарбыялайбыз.

Айыл чарбасындагы ийгиликтерибиз үчүн биз өзүбүздүн даңктуу колхозчуларга жана колхозчу аялдарга, МТСтердин жана совхоздордун жумушчуларына милдеттүүбүз, алар күндөн-күнгө кайраттуулук менен эмгек кылып, эгинди, пахтаны, кант кызылчасын, этти, сүттү, жүндү жана айыл чарбасынын башка продуктыларын, өнөр жай үчүн сырьёлорду көбүрөөк өндүрүү үчүн аракет кылышты.

Партиянын камкордугу менен республикада социалисттик өндүрүштүн чыныгы новаторлорунун отряды өстүрүлдү. Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры — Молотов атындагы колхоздун бригадири жолдош Алля Анаров 1956-жылы ар гектардан 65 центнерден пахтанын түшүмүн алууга жетишти.

Ленин районундагы Карл Маркс атындагы колхоз (председатели жолдош Каипов) 800 гектар аянттын ар бир гектарынан 38 центнерден пахтанын түшүмүн алууга жетишкен.

Петровка районундагы жолдош Сенирбаев председатель болуп иштеген Панфилов атындагы колхоз 1956-жылы кант кызылчасынын ар бир гектарынан орто эсеп менен 587 центнерден, ал эми Каганович районундагы Крупская атындагы колхоздун звеновою жолдош Воробьев 10 гектар аянттын ар бир гектарынан 820 центнерден, Каганович районундагы Шопоков атындагы колхоздун кызылчачы звеновою жолдош Шопокова ар бир гектардан 700 центнерден түшүм алышкан.

Республиканын алдыңкы малчылары да бир кыйла ийгиликтерге жетишишти. Ленинполь районундагы Молотов атындагы колхоздун саанчысы жолдош Эйзенкрейн өткөн жылы ар бир саан уйдан орто эсеп менен 5.237 килограммдан, ал эми Ильич атындагы асыл тукум чарбасынын саанчысы жолдош Реуцкая 6008 килограммдан сүт саап алган. Киров районундагы Ворошилов атындагы колхоздун чабаны жолдош Мырзакулов жүн кыркып алуу боюнча алдыда бара жатат, ал ар бир ириктен 5,5 килограммдан жүн кыркып алган жана „Жоон-Төбө“ совхозунун чабаны жолдош Досбергенов ар бир койдон 5,2 килограммдан жүн кыркып алган, ар бир 100 тубар койдон 133 козу алган.

Жолдоштор, чарбалык жана маданий курулушта жана биздин республиканын эмгекчилеринин материалдык жыргалчылыгын жакшыртууда жетишкен ийгиликтер талашсыз жана ал ийгиликтерге бардыгыбыз кубанабыз.

Ошону менен бирге биздин республикабызга Ленин орденинин тапшыруунун улуу актысын биз биздин кадрларга жүктөлгөн зор милдеттенме катарында баалайбыз. Биздин чарбабызда бөгүп жаткан, пайдаланылбаган резервдерди табуу үчүн ар бир ишкананын, колхоздун, совхоздун, машина-трактор станциясынын, ар бир ишкананын ишин баалоого биз акыл-эстүүлүк жана сын көз менен мамиле кылуубуз керек. Биздин республиканы сыйлоонун актысы кыргыз элинин эмгегин таануунун гана далили болуп эсептелбестен, ошону менен бирге советтик Кыргызстандын социалисттик экономикасын тынымсыз жогорулатууга жетишүү үчүн келечекке аванс болуп эсептелет, деп жолдош Н. С. Хрущев ˙абдан туура көрсөттү.

КПСС Борбордук Комитети бизди карапайым болууга, көөп кетпеске үйрөтөт. Анткени, көөп кетүү бир орунда токтоп калууга алып келет. Эгерде биз өнүгүүнү жана алга карай жылууну кааласак, ал эми бул болсо, биздин бардыгыбыздын тилегибиз экендиги шексиз, анда биз алга карай дагы тезирээк жылуу үчүн биздин кемчиликтерибиздин жана жаңылыштыктарыбыздын бетин ачуубуз керек.

Айыл чарбасынын негизги продуктыларын өндүрүүнүн республикада жетишилген деңгели али жетишсиз экендигин жана XX съезд тарабынан коюлган милдеттерди мөөнөтүнөн мурда

орундатууну камсыз кыла албай тургандыгын биз баарыдан мурда белгилеп кетүүбүз керек.

XX съезддин Директивалары боюнча республикада 1955-жылга караганда 1960-жылы этти өндүрүүнү 1, 6 эсе, сүттү — 1, 9 эсе, жүндү — 2, 1 эсе, эгинди — 2, 1 эсе, пахтаны—1, 2 эсе, кант кызылчасын — 1, 7 эсе көбөйтүүбүз зарыл.

Чындыгында беш жылдыктын биринчи жылында өндүрүүнү көбөйтүү төмөндөгүлөрдү түздү: этти өндүрүү — 21, 4 процентти, сүттүкү — 14 процентти, жүндүкү — 10, 5 процентти, эгиндики — 1, 5 эсе, пахтаныкы — 10 процентти, кант кызылчасыныкы — 1, 7 эсе. Башкача сөз менен айтканда, этти, сүттү, жүндү өндүрүүнү көбөйтүүнүн жетишилген темптери партиянын XX съездинин Директиваларын орундатууну камсыз кылбайт.

Андан ары, көп райондордун, колхоздор менен совхоздордун өздөрүнүн милдеттенмелерин орундатпагандыктарынын натыйжасында биздин республикабыз мал чарба продукцияларын өндүрүү боюнча Казак, Өзбек, Тажик жана Армян республикалары менен болгон мелдеште алган милдеттенмелерин толук орундаткан жок. Биз ар бир уйдан 1500 килограммдан сүт саап алууга милдеттенген болучубуз, ал эми чындыгында 1277 килограммдан гана сүт саалып алынды; ар бир койдон 2,6 килограммдан жүн кыркып алууга тийиш болсок, 2 килограммдан гана жүн кыркылып алынды.

Малдын саны, айрыкча тубар малдардын составы жай өсүүдө. Кийинки үч жылдын ичинде уйлардын саны 4 процентке гана, ал эми тубар койлордун саны 1, 0 процентке гана көбөйгөн.

Негизинен тоюттардын жетишпегендигинен жана жаман багуудан малдын чыгашага учурашы али жогору. Республикада биз жыл сайын мүйүздүү ири малдардын 5 проценттен көбүрөөгүн, койдун 6—7 процентин, чочконун 11 процентке чейинкисин чыгашага учуратабыз, бул болсо жол берилгис иш болуп саналат.

Жүз тубар малдан төл аз алынат. Кийинки жылдарда республиканын колхоздору 100 тубар малдан 60—70 баш музоо, 60—80 баш козу алып келе жатышат, муну болсо өтө жетишсиз деп эсептөө керек.

Республиканын колхоздору жана совхоздору малды борго байлап семиртүү үчүн бай жайыт ресурстарын али канааттандырарлык эмес пайдаланып жатышат. Чындыгында биз жыл

сайын малдын 10 проценттен көбүрөгүн мамлекетке ортодон төмөнкү семиздикте өткөрөбүз, мына ошону менен биз 2200 баш мүйүздүү ири малды жана 24—25 миң койду бекерге жок кылабыз.

Дыйканчылык жагында да мына ушуга окшогон олуттуу кемчиликтер бар. Көп колхоздордун жана совхоздордун айыл чарба өсүмдүктөрүнөн али төмөнкү түшүмдөрдү алып келе жатышкандыктары дыйканчылыктагы олуттуу кемчиликтердин бири болуп саналат. 1956-жылы пахта өстүрүүчү 152 колхоздон 96 колхоз жана кант кызылчасын өстүрүүчү 127 колхоздон 68 колхоз республикалык орто түшүмдөн төмөнкү түшүмдөрдү алышты. Бул, колхоздордун санынын көп экендигин моюнга алуу керек.

Кийинки эки жылдын ичинде жүгөрүнүн айдоо аянтын көбөйтүү боюнча республикада зор иш иштелди, 1956-жылы 110 миң гектар жерге жүгөрү эгилген. Бул өткөн жылдарда эгилгендегиге караганда 8—9 эсе көптүк кылат. Бирок да, көп колхоздордун бул өсүмдүктү багууну жакшы колго албагандыктарынын натыйжасында жүгөрүнүн түшүмү республикада али төмөн. 1956-жылы жүгөрүнүн түшүмдүүлүгү данга айландырганда колхоздордо ар бир гектардан 15, 8 центнерди гана түздү, ал эми ар бир гектардан 48, 3 центнерден силостук масса жыйналып алынган.

Республиканын колхоздорунда жана совхоздорунда айдоолорду эки багытта механизация менен иштетүү али начар колдонулууда. Алсак, 1956-жылы пахта айдоолорунун аянтынын 63 проценти гана, ал эми кант кызылчасынын 4 проценти гана узунунан-туурасынан иштелген.

Эгерде өнөр жайы бүт алганда дүң продукция иштеп чыгаруунун планын ашыгы менен орундатса да, өндүрүштүк программаларын орундатышпаган бир катар тармактар жана көп ишканалар бар. 1956-жылы 165 өнөр жай ишканалары, же алардын жалпы санынын үчтөн бири өндүрүштүк программаларын орундатышкан жок.

Андан ары, өнөр жай программаларын: таш көмүрдү, түстүү металлдарды жана эл керектөөчү товарларды чыгарууну көбөйтүүнү күчөтүү үчүн зор резервдер өнөр жайында пайдаланылбай жатат. Мисалы, көмүр өнөр жайында көмүр шахтыларынын долбоордук күбаттарынын 90 проценттен көбүрөгү

гана пайдаланылып жаткандыгын айтсак жетиштүү болот. Өндүрүштүк кубаттарды толук өздөштүрүүнүн эсебинен гана биз 1957 — 1958-жылдарда Кыргызстандын кендеринде көмүрдү казып чыгарууну жарым миллион дээрлик тоннага көбөйтө алабыз.

Капиталдык курулуштун ишинде, айрыкча турак үйлөрдү, мектептерди, ооруканаларды курууда жана эмгекчилерди маданий турмуш жактан тейлөөдө олуттуу кемчиликтер бар.

1957-жылда жана жакынкы жылдарда биздин алдыбызда кандай милдеттер турат?

Республиканын партиялык уюмдарынын көңүлдөрүнүн борборунда айыл чарба продуктыларын, айрыкча эгинди, пахтаны, кант кызылчасын, жашылчаларды, картошканы, жүзүмдү, жемиштерди, эттин, сүттүү жана жүндү өндүрүүнү мындан ары бир кыйла көбөйтүүнү камсыз кылуу милдети турат. 1957-жылы дан эгиндеринен орто эсеп менен ар гектардан 16—18 центнерден, пахтадан—22—23 центнерден, кант кызылчасынан — 400 центнерден түшүм алууга, ар бир уйдан орто эсеп менен эң кеминде 1500 литрден сүт саап алууга жана ар бир койдон эң кеминде 2, 6 килограммдан жүн кыркып алууга жетишүүбүз керек.

Биз өзүбүздүн алдыбызга пахтаны жана кант кызылчасын өндүрүү боюнча алтынчы беш жылдыкты 1960-жылда эмес, 1957-жылы орундатуу милдетин коёбуз. Бул кыйын, бирок орундала турган ардактуу милдет.

Андан ары, КПСС Борбордук Комитети жана СССРдин Өкмөтү Кыргыз ССРнин колхоздору менен совхоздорунун алдына мал чарбасын өнүктүрүү жагынан жалпы мамлекеттик маанилүү милдет катарында уяң жүндүү койлордун санын жана уяң жүндү жана жарым уяң жүндү өндүрүүнү ар тараптан көбөйтүү милдетин коюп отурушат. Республикада ыңтайлуу табигый шарттардын, тоют ресурстарынын болушу койдун санын бир кыйла көбөйтүү жана жүн өндүрүүнү көбөйтүү үчүн зор мүмкүндүктөрдү түзөт.

Жолдош Никита Сергеевич Хрущевдун тапшыруусу боюнча, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Кыргыз ССР Министрлер Совети 1956 — 1965-жылдарда уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын мындан ары өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгышты жана аларды КПСС-

тин Борбордук Комитетинин жана ССР Союзунун Министрлер Советинин кароосуна киргизишти.

Көрсөтүлгөн чараларда республикада жүндү өндүрүүнү 1960-жылы 18 миң тоннага, 1965-жылы 31 миң тоннага же 1955-жылга караганда 3, 6 эсе көбөйтүү, кой менен эчкилердин санын 1960-жылы 7, 3 миллионго, 1965-жылы 10 миллионго чейин жеткирүү же 1955-жыл менен салыштырганда эки эсе дээрлик көбөйтүү белгиленген. Бул өтө зор жана чымырканып иштөөнү талап кылган тапшырма экендиги талашсыз, бирок бул сөзсүз орундалат деп биз эсептейбиз.

Өнөр жайы жагынан эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, илимдин жана техниканын жаңы жетишкендиктерин өнөр жайга киргизүү боюнча, өндүрүштүн алдыңкыларынын жана алдыңкы ишканалардын тажрыйбаларын кеңири жайылтуу жана колдо болгон өндүрүштүк кубаттарды толук пайдалануу боюнча уюштуруу иштери республиканын партиялык уюмдарынын, биздин бардык кадрларыбыздын көңүлүнүн борборунда болуу керек. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, өзүнө турган наркты арзандатууга жана чыгарылуучу продукциянын сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулуу керек. Азыр бул—негизги маселе.

КПСС Борбордук Комитетинин декабрь Пленуму бизге экономикалык өнүгүүнүн жаңы, жогорку баскычына өтүүнүн жолдорун көрсөттү. Алтынчы беш жылдыктын милдеттерин ишке ашырууну тездетүү үчүн, чарбага жетекчилик кылууну туруктуулук менен жакшыртуу, шаар менен селолордун эмгекчилеринин чыгармачылык активдүүлүгүн ар тараптан өндүрүү зарыл.

Кыргыз республикасынын алдына партия тарабынан коюлган милдеттерди абийирдүүлүк менен орундатуу үчүн биз бир кишидей күчүбүздү аябай тургандыгыбыз жөнүндө кымбаттуу, биздин бардыгыбыз кызуу сүйгөн Борбордук Комитеттин Биринчи Секретары жолдош Никита Сергеевич Хрущев аркылуу Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин жана Совет Өкмөтүн ишендирүүгө уруксат этиңиздер. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жашасын биздин партиябыздын күжүрмөн жана такшалган штабы—лениндик Борбордук Комитет. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жашасын биздин бир тууган Совет Өкмөтүбүз! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Жашасын Советтер Союзунун элдеринин бузулбас достугу! (*Узакка созулган кол чабуулар*).

А. Сүйөркулов. Жарыш сөздөрдү токтотуу жөнүндө сунуш келип түштү. Башка сунуштар жокпу?

Кабыл алынды.

Жолдоштор! Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин адресине төмөндөгүлөрдөн куттуктоо телеграммалар келди:

Украина ССР Жогорку Советинин Президиумунан, Министрлер Советинен жана Украина Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинен. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Белорус ССР Жогорку Советинин Президиумунан, Министрлер Советинен жана Белорус Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинен. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Азербайжан ССР Жогорку Советинин Президиумунан, Министрлер Советинен жана Азербайжан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинен. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Түркмен ССР Жогорку Советинин Президиумунан, Министрлер Советинен жана Түркмен Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинен. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Армян ССР Жогорку Советинин Президиумунан, Министрлер Советинен жана Армян Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинен. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Бир туугандык ысык куттуктоолорун жибергендиктери үчүн аларга Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Министрлер Советинин, Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин атынан жүрөктөн чыккан ысык ыракматыбызды айтууга уруксат этиңиздер. (*Узакка созулган кол чабуулар*).

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине, СССР Жогорку Советинин Президиумуна жана СССР Министрлер Советине куттуктоо телеграмма жиберүү жөнүндө сунуш келип түштү.

Куттуктоо телеграмманын текстин окуу учун Кыргыз ССР Министерлер Советинин Председателинин орунбасары жолдош Кондучаловага сөз берилет.

К. Кондучалова Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине

СССР Жогорку Советинин Президиумуна

ССР Союзунун Министрлер Советине

1956-жылы айыл чарбаны жогору көтөрүүдө олуттуу ийгиликтерге ээ болуп, кант кызылчасын, пахтаны жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө жетишкен республиканын колхозчулары менен колхозчу аялдарынын, МТСтердин жана совхоздордун кызматкерлеринин, айыл чарба адистеринин, партиялык жана советтик кызматкерлеринин эмгегине жогорку баа бергендик үчүн Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССРнин Жогорку Совети жана Министрлер Совети Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине, СССР Жогорку Советинин Президиумуна жана ССР Союзунун Министрлер Советине Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин атынан чын жүрөктөн чыккан алкыш жана эң терең ракмат айтышат.

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасын жогорку сыйлык менен — Ленин ордени менен сыйлоо кыргыз элинде, Советтик Кыргызстандын бардык эмгекчилеринде партиянын XX съездинин белгилеген эң улуу көрсөтмөлөрүн турмушка ашыруу үчүн күрөштүн алгачкы жемиштүү жыйынтыктары аябай кубануу жана сыймыктануу сезимин туудурат.

Совет бийлигинин жылдары ичинде кыргыз эли Коммунисттик партиянын жана бир тууган Советтик Өкмөттүн жетекчилиги астында, улуу орус элинин жана биздин өлкөдөгү бир тууган башка элдердин жардамы аркасында өзүнүн экономикасын жана маданиятын өрчүтүүдө зор ийгиликтерге жетишти.

Башта артта калып келген крайдан Кыргызстан гүлдөп бара жаткан Советтик Социалисттик Республикалардын бирөөнө айланды. Кыргызстанда жогорку даражада өнүккөн өнөр жай түзүлдү. Бир заманда жансыз жаткан капчыгайлуу тоолордо кубаттуу өнөр жай борборлору, гидроэлектростанциялары, шаарлар жана жумушчу посёлоктору өсүп чыкты. Жалгыз аяк жолдордун жана айыл арасындагы тар, чыйыр жолдордун ордуна темир жол магистралдары пайда болду, республика автостраддардын, авиация линияларынын калың тармагы менен капталды.

Кыргызстандын айыл чарбасында чыныгы революция болду. Майда, бытыранды, примитивдүү чарбадан ал азыркы заманда-

гы гидрожабдуулары бар жана кеңири сугат тармагы бар, биринчи даражадагы техника менен жабдылган, көп тармактуу социалисттик ири чарбага айланды.

Кыргыз селолору менен айылдарынын түрү таанылгыс болуп өзгөрдү. Ышталган боз үйлөрдүн ордуна электр жарыгы менен нурланган, колхозчулардын көркүнө чыккан жарык үйлөрү, мектептер, клубдар жана окуу үйлөрү пайда болду. Радио жана кино республиканын эң алыскы четтерине чейин жетти.

Илгери караңгы, сабатсыз болуп келген көчмөн-малчылар ушул кезде азыркы замандагы өнөр жай жана айыл чарба техникасын башкарып, инженер болуп иштеп, поезддерди жүргүзүп, лабораторияларда жана илим-изилдөө мекемелеринде ийгиликтүү түрдө эмгек кылып, формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик болгон өзүнүн маданиятын байытып жатышат.

Социалисттик Улуу Октябрь Революциясы биздин өлкөнүн аялдарын азаттыкка чыгарды. Кыргыз аялдары элементардык адамзаттык укуктан ажырап жашаган көңүлсүз караңгы турмуштун мезгили түбөлүккө кайрылгыс болуп өтүп кетти. Азыркы убакытта кыргыз аялдары эркектер менен тең укукта мамлекеттик, саясий, чарбалык жана маданий турмуштун бардык тармактарында активдүү катышууда.

Советтик Кыргызстандын эмгекчилеринин ийгиликтери—ал биздин партиянын даанышман лениндик улуттук саясатын ырааттуу түрдө иш жүзүнө ашыруунун натыйжасы, бактылуу совет элдеринин бузулгус бир туугандык достугунун салтанатынын натыйжасы болуп саналат.

Кыргыз эли өзүнүн бардык ийгиликтери, жарык жана кубанычтуу турмушу үчүн, мурда падышалык Россиянын чет жакасында жашаган элдерди улуу чыгармачылык ишке көтөргөн бир тууган Коммунисттик партияга милдеттүү.

Коммунисттик партиянын XX съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруу үчүн чыныгы бүткүл элдик күрөштө биздин мамлекеттин күч-кубатынын бекем негизи болгон жумушчу табы менен колхозчу дыйкандардын союзу дагы көбүрөөк чындалды. Кыргызстандын айыл чарбасынын эмгекчилери жетишкен ийгиликтерге, жумушчулар менен кызматчылардын, студенттер менен мектеп окуучуларынын бир кыйла көп эмгеги жумшалды.

Бирок, биз тараптан иштелген иштер бизге эмгек майданындагы аракеттерди начардатууга кымындай да укук бербейт. Биздин алдыбызда чечиле элек дагы көп милдеттер тургандыгын биз айкын-ачык билебиз. Өз күчүнө жана социалисттик түзүлүштүн чексиз мүмкүнчүлүктөрүнө толук ишенген Кыргызстандын эмгекчилери республиканын экономикасын жана маданиятын кыйшаюусуз түрдө жогору көтөрүү үчүн мындан ары да жан аябай эмгек кылат, деп жумушчулар менен жумушчу аялдардын, колхозчулар менен колхозчу аялдардын, механизаторлордун, айыл чарба адистеринин, биздин данктуу интеллигенциянын атынан биз Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин ССР Жогорку Советинин Президиумун жана Министрлер Советин ишендиребиз.

Совет өлкөсү ар бир жыл сайын Кыргызстандан көмүрдү, нефтини, эл керектөөчү товарларды, этти. сүттү, жүндү, эгинди, кант кызылчасын, пахтаны жана айыл чарбанын башка продуктыларын улам барган сайын көбүрөөк алат. Лениндик осуяттардын салтанаты үчүн, биздин өлкөдө коммунизмди куруу үчүн күрөшкө кыргыз эли өз күчтөрүн жана чыгармачылык кайратын эч бир аябайт.

Жашасын жана гүлдөсүн Советтер Союзунун элдеринин бир туугандык достугу — биздин көп улуттуу социалисттик мамлекеттин күчүнүн жана кубатынын булагы!

Жашасын коммунизмдин куруучусу болгон улуу совет эли!

Жашасын биздин бир туган Советтик Өкмөтүбүз!

Жашасын коммунизмди куруу үчүн күрөшүүдө совет элинин шыктандыруучу жана жетекчи улуу күчү болгон Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы!

(*Дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулар. Бардыгы орундарынан турушат*).

А. Сүйөркулов. Сиздердин кол чабуунуздардан куттуктоо телеграмма бир добуштан кубатталды деп эсептөөгө уруксат этиңиздер. *(Дүркүрөгөн кол чабуулар)*.

Жолдоштор! Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Министрлер Советинин жана Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин салтанаттуу кошмо заседаниесин жабык деп жарыялаймын.

(*Кыргыз ССРнин Мамлекеттик гимни ойнолот*).

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТТҮК ЖОГОРКУ СЫЙЛЫК БОЛГОН — ЛЕНИН ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛАНГАНДЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН, КЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КП БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН АТЫНА КЕЛИП ТҮШКӨН

КУТТУКТООЛОР

Өкмөттүк телеграмма
Үч адреске Фрунзе областтык

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун
Председатели жолдош КУЛАТОВГО
Кыргыз ССР Министрлер Совётинин
Председатели жолдош СҮЙӨРКУЛОВГО
Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин
Секретары жолдош РАЗЗАКОВГО

Ленинград областынын делегацияларын Жогорку Советтин заседаниесине катышууга чакыргандыгыңыздар үчүн сиздерге чын жүрөктөн чыккан ракматыбызды айтабыз.

Кыргыз ССРнин Ленин ордени менен сыйланышын куттуктайбыз. Ленинград областынын айыл чарбасынын эмгекчилеринен Кыргызстандын айыл чарбасынын эмгекчилерине бир туугандык ысык салам айтып коюуну жана аларга айыл чарбасын өнүктүрүүдө мындан аркы ийгиликтерге жетишүүнү каалагандыгыбызды билдирүүнү сиздерден сурайбыз.

КПСС Ленинград обкомунун секретары КОЗЛОВ
